ЖАҢЫ КИТЕП

Д. А. АКМАТОВ, А. К. ОРОЗОБАЕВ

# КӨРКӨМ ӨНӨР

## 6-класс

Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү*
*жана илим министрлиги сунуштайт*

Бишкек–2018

УДК 373. 167. 1
ББК 85.1я721
А 40

*Эксперт*: Амираева Л. А., Көркөм өнөр жана дизайн кафедрасынын доценти,
И. Арабаев атындагы КМУ

**Акматов Д. А., Орозобаев А. К.**
А 40 Көркөм өнөр: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби.– Б.: Билим-компьютер, 2018. – 104 б., илл.
ISBN 978-9967-31-794-9

Окуу китеби «Көркөм өнөр» предмети боюнча билим берүү стандартынын жана КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу программасынын негизинде даярдалды.

6-класста окуучулардын башталгыч класстарда алган билимдеринин, көндүмдөрүнүн жана жөндөмдөрүнүн негизинде көркөм өнөрдүн түрдүү тармактары, табият менен жашоо-турмуштун байланышы жана башка көптөгөн маалыматтар аркылуу окуучулардын билимдери тереңдетилет.

**А 4306021700–18**

**УДК 373. 167. 1**
**ББК 85.1я721**

ISBN 978-9967-31-794-9

© Акматов Д., Орозобаев А., 2018
© КР Билим берүү жана
илим министрлиги, 2018

## *Жаш достор!*

Жаңы окуу жылында буга чейин көркөм өнөрдүн сыйкырдуу сырларын ачып, түрдүү көркөм каражаттарды колдонуп, сүрөт тартуунун жолдорун, керектүү түстөрдү таап боёонун ар кандай ыкмаларын үйрөндүңөр. Темага ылайык ойлогон оюңарды, көргөн нерселерди тегиздиктин бетинде жарашыктуу жайгаштырып, көлөмдүү композицияларды түзүүнүн жолдорун өздөштүргөнсүңөр.

Мындан көп кылымдар мурун жашап, дүйнөгө тааным болгон сүрөтчүлөрдүн, бедизчилердин, архитекторлордун чыгармаларынан, колдонмо жасалга, өнөр чеберлеринин эмгектеринин аркасында ошол мезгилдеги адамдардын жашоо-турмушу, маданияты менен таанышсыңар.

Көркөм өнөр предмети искусство жаатындагы адабият, музыка, театр, кино сыяктуу көптөгөн тармактары менен тыгыз байланышта болгондуктан, андагы көркөм образдарды көрүп, окуп, угуп адамдардын жан дүйнөсүндөгү баалуулуктарды сезе билүү боюнча айрым маалыматтарды алганбыз. Чыгармачыл өнөр инсандардын өзгөчөлүгү – бүткүл өмүрүн искусствого арнап, ал гана эмес улуулугу башкалардан айырмаланып дүйнөдөгү, табияттагы, күндөлүк жашоо-турмуштагы ак-караны ажыратып, айырмалап, чагылдыра билгендиги. Алардын Мекенге, сулуулукка, жашоого болгон сезимдерин, көз карашын, кыял-чабыттарын жараткан чыгармаларынан байкасаңар керек. Эми биз да алган билимдериңерди турмушта колдонуп, чыгармачылык жөндөмүбүздү андан ары өркүндөтүүгө болгон күч аракетибизди жумшайлы. Силерден дүйнөгө таанымал өнөр инсандар чыгаарына ишенебиз.

Силерге чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз.

*Авторлор*

# I ЧЕЙРЕК

## *1–2-сабактар*

### «Эмгек баарынан улук». Көркөм өнөрдүн күндөлүк жашоо-турмуштагы орду

Адам баласы жаралгандан жашоо үчүн күрөшүп, талыкпаган эмгектин натыйжасында гана ийгиликтерге жетишкендиги муундан-муунга тарых болуп айтылып келет. Байыртадан адамдар аң уулап, жер иштетип, жаныбарларды багып, түрдүү эмгек каражаттарын колдонуп эмгектенгендигин жергебиздеги ачык асман алдындагы «Саймалуу-Таш» галереясындагы таштардын бетине чегилген сүрөттөрдөн көрүүгө болот.



Эмгек куралдары алгач таштан, сөөктөн, жыгачтан, мүйүздөн жасалса, улам барган сайын эмгектин көп түрү адамзатынын зарылдыгына жооп бергидей бекем заттарды өздөштүрүп, сапаттуу каражаттарды даярдоого жетишкен. Алгач адамдар-





дын кара күчү жумшалса улам барган сайын акыл эмгегинин натыйжасында көптөгөн ойлоп табуу, ачылыштардын негизинде илим-техниканын өсүп-өнүгүшүнөн улам адамдар космосту да өздөштүрүүдө.

Бир кездеги адамдардын жомок сымал ой-чабыттары азыркы учурда ишке ашкандыгын салыштырып көрүүгө болот. Буга италиялык ойлоп табуучу, сүрөтчү, айкелчи, архитектор Леонардо да Винчинин «Адамдар да куштар сыяктуу уча алса» – деп кыялданып аткарган чиймелери азыркы учурда чындык болгондугун жогоруда берилген сүрөттөрдөн көрүүгө болот.

«Эмгек бардыгынан улук» – деген элибизде накыл сөз бар. Эмгекчил адамдарды жалпы коомубуз кадырлап сыйлаары баарыбызга белгилүү. Талыкпай изденип, эмгектенүүнүн натыйжасында акылдуу адамдардын ийгиликтерге жеткенин алардын аткарган иштеринен көрүүгө болот. Алар таман акы, маңдай терлери менен өз үй-бүлөсүн гана бакпастан, мамлекетибиздин өркүндөп-өсүшүнө да чоң салымдарын кошушат.

* Искусство багытындагы эмгеги менен элге таанымал өнөр инсандарынан кимдерди жана алардын кандай чыгармаларын билесиңер?

Искусство өтө кеңири түшүнүк болгондуктан ага: графика, живопись, бедиз (скульптура), архитектура, адабият, музыка, балет, театр жана кино тармактары кирет. Искусствонун ар бир түрүнүн өзүнө гана таандык таасирлентүүчү касиеттери бар. Мисалы, графика-сызык, живопись-түс, бедиз жана архитектура-көлөм, адабият-сөз, музыка-добуш, балет-кыймыл жана башка. Көркөм сүрөт өнөрүндөгү чыгармаларды көзүбүз менен көрүп, чебер устаттардын колунан жаралган эмгектерге таасирле-



«Кызыл өгүз, көк соко». *С. Ишенов*



«Кырманда». *Ф. Стукошин*

небиз, аларга живопись, графика, бедиз, колдонмо жасалга өнөр, ошондой эле архитектуралар кирет.

Мисалы, кыргыз сүрөтчүлөрүнүн арасынан С. Ишеновдун «Кызыл өгүз, көк соко» жана Ф. Стукошиндин «Кырманда» деген чыгармалары советтик доордун кыял-чабыттарын образдардын жардамы менен чагылдырып, жамааттык иштин, жаркын келечек үчүн оптимисттик ишенимге толгон адамдардын жаңы коомдук мамилелериндеги коммунистик идеалдарын сүрөттөп берген.

Белгилүү сүрөтчүлөр дыйкандардын жашоо-турмушун чагылдырып, мыкты сүрөттөрдү жаратышкан. Сүрөтчүлөр мээримдүү, баарыбызды баккан Жер Эненин сулуулугун, анда эмгектенген дыйкандардын ажарлуу жүздөрүн табият менен бир бүтүндүктө сүрөттөп чагылдырган.

Мисалы, дүйнөдөгү баа жеткис чыгармалардын тобуна кирген Г. Мясоедовдун «Чалгычылар» деген чыгармасын карап көрөлү.

Сүрөттө чөп чабуу учурунда дыйкандардын тобу сүрөттөлгөнүн көрүп турасыңар. Анда айыл жергесиндеги бабадыйкандардын турмушун, андагы кары-жаш дебей баардыгы-



«Чалгычылар». *Г. Мясоедов*

нын жигердүү эмгектенип жаткандыгын көрүүгө болот. Бул чыгармаларда эмгекчил элдин чарчап-чаалыкканы сезилбейт, тескерисинче эмгектен алган рахаттанууну, майрамдагыдай маанайды, кубанычты көрүүгө болот.

Силерге эмгек темасындагы эки чыгарма боюнча кыскача баяндама берилди. Азыр көз алдыңардагы Ф. Решетниковдун



«Дагы эки». *Ф. Решетников*

мектеп турмушун чагылдырган чыгармасын көрүп, төмөндөгү суроолорго жооп берип, аңгеме түзүп көрөлү.

1. Бул чыгарма живопись жанрынын кайсы түрүнө кирет?
2. Живопись деген сөз кандай маанини түшүндүрөт?
3. Живописттик чыгармалар кандай каражаттар менен аткарылат?
4. Мурунку көргөн чыгармалардагы түстөрдөн бул чыгармадагы түстөр эмнеси менен айырмаланат?
5. Чыгарманын алдыңкы жана арткы планында эмнелерди көрүп турасыңар? Сүрөттөп айтып бергиле.
6. Картинада буюмдар, кийим-кечелерден эмнелерди баамдап билсе болот?
7. Бул чыгарманын негизги каарманы ким?
8. Чыгармадагы каармандардын маанайлары кандай берилген?
9. Бул чыгарманы маанисине, мүнөзүнө жараша кандайча атаар элең?

**Тапшырма**

Эмгек багытындагы маалыматтардын негизинде төмөндөгү темалар боюнча практикалык иштерди аткарабыз. Алар:

- Эмгектин байыркы же азыркы түрлөрүнүн баалуулугун баяндаган композиция түзүү;
- Жайкы эс алуу учурунда улууларга берген жардам боюнча композиция түзүү;
- Окуучунун келечектеги тандаган кесибинин натюрморт жанрында сүрөтөлүшү.

Жогоруда аталган темалар боюнча топторго бөлүнүп иштесеңер да болот.

1-сабак: Тандаган темага ылайык эскиздерди түзүп, графикалык жумуштарды аткаргыла. Бүтпөй калган жерлерин үйдөн оңдоп толуктагыла.

2-сабак: Графикалык аткарылган жумуштарга түс беребиз.

### *3–4-сабактар*

## Натюрморт жанры. Буюмду өзүнөн карап сүрөт тартууну өнүктүрүү

Көркөм сүрөт өнөрүнүн тармактарына (түрлөрүнө) кирген, бизге маалым болгон графика, колдонмо-жасалга өнөр, бедиз, архитектуралардын ичинен биз мурунку сабакта живопись тармагы боюнча сөз кылганбыз. Улуу тарых мурункуну билбей туруп жаңыны аныктап билүү мүмкүн эмес деп баяндагандай живопись тармагы боюнча негизги маалыматтарды бышыктап алалы.

**Живопись** – турмушту, жашоону сүрөттөп тартуу, жазуу дегенди түшүндүрөт. Живопись деп түрдүү түстөгү боёктор менен аткарылган чыгармалар аталат. Мисалы: май боёк, темпера, акварель, гуаш менен аткарылган живописттер бар. Алар кагаз, картон, таар, жыгач, айнек жана башкалардын бетине тартылат. Биз азырынча алардын ичинен акварель, гуашь боёктору менен кагаз бетинде иштейбиз.

**Жанр** – искусство тармагынын өзүнө таандык болгон өзгөчө бир түрү. Көркөм өнөрдүн өнүгүү процессинин тарыхында ар бир искусствого мүнөздүү болгон, чыгармачылыктагы багытына шартталган түрлөрү кирет.

**Акварель** – бул тунук желим кошулган, сууга эзилүүчү боёк.

**Гуашь** – кагазга калыңдык жана катмарлык из калтырган тунук эмес коюу эзилген суу боёгу.

**Темпера** – жумуртканын сарысынан кургак порошок түрүндө даярдалып, түс берүүчү, желим заттар кошулуп даярдалган, сууга эзилгени менен кургагандан кийин жууса кетпеген боёк болуп саналат.

**Май боёк** – өсүмдүк майы, органикалык белоктор менен майдаланган боёктор жана лактардын бир катар кошулмаларынан алынган боёк.

### Натюрморт жанры

Натюрморт тартпаган бир дагы сүрөтчү болбосо керек. Анткени сүрөт тартууга үйрөнүш үчүн сөзсүз жөнөкөй нерселерден баштоо зарыл. Натюрморт – деген сөз француз тилинде «nature» – табият (натура), «morte» – жансыз,

«жансыз табият» дегендин мааниси түшүндүрөт. Натурадан тартуу – нерсени чыныгы өзүнө карап, анын сүрөтүн тартуу болуп саналат. Натюрморт жанр катарында XVII кылымдан баштап өнүгө баштаган. Өзгөчө «Кичине голландиялыктар» – деп аталган сүрөтчүлөр – өздөрүнүн айлана-чөйрөсүндөгү кооз идиш-аяктарга салынган даамдуу тамак-аштарды, буюмдарды кичинекей өлчөмдө сүрөттөп тартышкан. Көркөм сүрөт өнөрүндө *реализм* жана *импрессионизм* деген сөздөр көп кездешет. Түшүнүктүү болсун үчүн алардын маанисин чечмелеп, билип алалы.

Реализм – искусстводо чындыктын бардык белгилерин так, терең, толук жана типтүү кылып көрсөтүү. Ал эми импрессионизм искусстводо XIX кылымдын ортосунда пайда болгон, реализмди четке каккан идеалисттик багыт болуп эсептелет.

* Төмөндө берилген сүрөттөр кайсы багытта аткарылган? Алар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?





Импрессионистер көбүнчө жемиштердин, гүлдөрдүн сүрөттөрүн майрамдык маанайда тартышкан. Натюрморт тартууда көркөм сүрөт өнөрүнө кызыгып, изденип алектенсе сөзсүз ийгиликтерге жетет.




Сүрөттөлүүчү натуранын фото сүрөтү

«Жансыз жаратылыштын» формасын изилдеп табууга жана майда-чүйдөсүн (деталдарын) жакшылап тартууга, ошол нерсени окшоштурууга болгон аракеттерге көп убакыт сарпталат.

**Тапшырма**

1-сабак: Класста алдын-ала коюлган натюрмортту тегиздик бетине графикалык каражаттардын жардамы менен сүрөт тартуунун эрежелерин туура сактап аткаралы. Алар:

- сүрөттөлүүчү нерсени иликтеп таап, жумушчу орунду уюштуруу;
- формат жана көркөм каражаттарды туура тандоо;
- сүрөттөлүүчү нерсенин тегиздик бетине туура жайгаштыруу (компоновка);
- сүрөттөлүүчү нерсени тегиздик бетине туура, ирээттүү түзүү;
- симметриялуулук;



I этап

- масштаб, салыштырмалуу өлчөмдөр (пропорция).
- ритм;
- деңгээл сызыгы (линия горизонта);
- композициялык борбордун графикалык чечмелениши;
- көлөмдүү нерселердин тегиздик бетинде боёлуучу жерлеринин белгилениши.

Сабактын жүрүшүндө досторуңарга тоскоол болбой керек болгон учурда жардам берип, кемчиликтерин оңдошсоңор болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн көркөм сүрөт өнөрүндөгү мыйзамдардын бардык чыгармачылык иштерде эске алынышы, сүрөттөп тартуунун эрежелеринин сабаттуу аткарылышы, ар бир аткарылган иштин нарктуулугун жогорулатып, чыгармачылык жөндөмдүн өркүндөшүнө өбөлгө болот.

Класста аткарылган иштер боюнча айрым керектүү маалыматтарды 1–4-класстардын «Көркөм өнөр» окуу китептеринен же сүрөт өнөрү боюнча адабияттардан карасаңар болот.



II этап



III этап

**Тапшырма**

2–3-сабактар: Мурунку сабакта аткарылган графикалык сүрөткө түс берүүдө коюлган натюрморттогу түстөрдү палитрадан издеп таап, сүрөт өнөрүнө тиешелүү болгон төмөнкү мыйзамдарды, сүрөттөп боёнун эрежелерин туура сактап, сапаттуу бүтүргөнгө аракет кылалы. Алар:

- жарыктын таралышы;
- түстөрдү туура тандоо;
- жөнөкөйлөтүп, жалпылаштыруу;
- жердик (фон), сүрөттөлүштүн арткы планынын берүү;
- бири-биринен кескин айырмаланган көрүнүштөр (контраст);
- сүрөттөлгөн нерселердин формасынын толук ачып берилиши, мейкиндик жана форма;
- өң, түстөрдүн туура берилиши;
- жөнөкөйлөтүп, жалпылаштыруу;
- жердик (фон) сүрөттүн арткы көрүнүшүнүн туура берилиши;
- ак-кара, жарык-көлөкө сыяктуу бири-биринен кескин айырмаланган көрүнүштөр (контраст);
- мейкиндик жана форма;
- композиция, композициялык борбордун айырмаланышы;
- теманы ачып берүүдөгү маанай, образдуулук;
- чыгарманы аткаруудагы ыкма жана аткарылган иштин сапаты.

### *5–6-сабак*

## Пейзаждын түрлөрү. Пейзаж жанрынын бир түрүнө композиция түзүү

Жаратылышты сүрөттөө көркөм сүрөт өнөрүндө **пейзаж жанры** деп аталат. «Пайс» (француз тилинен которгондо – «өлкө», «жер»), кандайдыр бир жердин табигый көрүнүшүн сүрөттөп тартуу дегенди түшүндүрөт. XVII кылымга чейин пейзаж жөн гана тартылып жаткан нерселердин жердиги (фону) катары эсептелип келген. Өзүнчө жанр катары Голландия сүрөтчүлөрү киргизген. Алар өз жеринин жаратылышын, деңиз пейзаждарын (латын сөзүнөн «маринус» – деңиздик), шаарлардын көрүнүштөрүнүн пейзаждарынын (ведута «көрүнүш» – италия тилинен) көркөм сулуулугун сүрөттөп тартышкан. Азыркы убакта ошол сүрөттөрдү көрүп, ошол мезгилдеги жашоо кандай экенин байкоого болот.


Жаратылыштын улуулугун жана кеңдигин, зор чексиз талааларын, тоо кыркаларын, деңиз мейкиндиктерин чагылдырат.

Иван Константинович Айвазовский белгилүү маринист (деңиз коздугун тарткан сүрөтчү) сүрөтчү катары белгилүү. Анын «Константинополдун жана Алтын мүйүз булуңунун көрүнүшү» деген картинасын карагыла. Ал өзүнүн бүткүл өмүрүн деңиз пейзаждарын тартууга арнап, деңиз темасында 6000 жакын көз-жоосун алган керемет чыгармалары бар.



«Константинополдун жана Алтын мүйүз булуңунун көрүнүшү». *И. К. Айвазовский*

Иван Иванович Шишкин жалаң орус токойлорунун кереметин сүрөттөп тарткандыктан аны «Орус токоюнун атасы» деп аташкан. Анын «Токой» деген чыгармасында карагайлардын кабыгын, жалбырактарын, чөптөрдүн көрүнүшү кандай болсо дал өзүндөй кылып, майда нерселерине чейин окшоштургандыгын көрүүгө болот.



«Токой». *И. И. Шишкин.*



«Толкун». *Кацусика Хокусай.*



«Баетов айылы». *С. Төрөбеков*

Сапар Төрөбековдун тематикалык сүрөттөрү айыл жергесиндеги дыйкандардын күжүрмөн эмгегине, жашоо-турмушуна арналган. Анын өз мекенине болгон сүйүүсүн поэтикалык маанайдагы чыгармаларынан көрүүгө болот.

Жогоруда айтылган пейзаждын түрлөрүнөн сырткары дагы көптөгөн түрлөрү бар.

Алар:


- архитектуралык, парктык, индустриалдык, эпикалык, фантастикалык, космостук мейкиндиктеги, романтикалык ж. б. Алардын ар бири боюнча кошумча маалыматтарды өз алдыңарча таап окугула.



«Айыл пейзажы». *Д. Мавелян*



«Айылдагы көчө». *Ж. Жунушов*



«Жылуу картиналар». *Леонид Афремов*

**Тапшырма**

1–2-сабактар: Өзүңөргө жаккан пейзаждын түрүнө эскиз түзгүлө. Ал пейзажда живопистин ар кайсы ыкмаларын пайдалан: нымдалган, лессировка же а-ля-прима. Мисалы, ыргалган чөптөрдү, көчкөн булуттарды, Күндүн же Айдын сууга түшкөн жарыгын сүйкөмдөр (мазок) менен жогоруда көргөн чыгармалардагыдай кылып сүрөттөп көрсөт.

### *7–9-сабактар*

## «Күз берекеси». Көркөм өнөрдүн түрдүү жанрларында композициялык ишти аткаруу

Табияттын сулуулугун көрө билүү менен гана чектелбестен аны туура сүрөттөп, тартылган сүрөткө керектүү түстөрдү таап, боёгонду билүү өтө зарыл. Ошону менен катар, бизди курчап турган кооз табиятка камкордук көрүп, аны сактап, коргоо жагын да эске алуу керек. Буга чейин чейрек ичинде алган билим, ыкмаларды колдонуп «Күз берекеси» деген темада натюрморт жана пейзаж жанрындагы иштерди аткарабыз. Алгач төмөнкү суроолорго жооп бергиле:

- Натюрморт жанрынын көркөм өнөрдөгү башка жанрлардан айырмасы эмнеде?
- Түстөр канчага бөлүнөт?
- Сүрөт тартууда кандай эрежелерди колдонобуз?
- Сүрөт иштөөдөгү жайгаштыруу жана композиция түзүүнүн кандай зарылдыгы бар?
- Пейзаж жана натюрморт тартуудагы окшоштуктар кайсылар?
- Жылуу жана муздак түстөрдүн мааниси кандай чечмеленет?

Кандай гана иш аткарбайлы аткарылуучу чөйрөнү карандаш менен алгач ордун туура таап, баракка жайгаштырып, сүрөт тартуу эрежелерин сактоо керек.


1. Мында деңгээл (горизонт) сызыгын белгилеп, перспективанын эрежелерин, алдыңкы жана арткы планды туура сактап белгилөө зарыл.

2. Кийинки этаптарда көлөкөнү, жарыкты таап алабыз. Сүрөттү андан кийин гана аягына чейин толук боёп, түс берип, иштеп бүтүрүү талапка ылайык.


Жогоруда аталган эрежелердин сүрөттөлүп берилишине көңүл бургула.


**Тапшырма:**

1–2-сабактар: Бүгүн биз чакан топторго бөлүнүп, иш алып барабыз. Ар бир топ алдын-ала мурунку сабакта эскертилген жашылча-жемиштерди, аларды салуу үчүн идиштерди, түрдүү түстөгү кез-




Деңгээл сызыгынын ар кандай тегиздиктеги көрүнүштөрү









деме (драпировка) жана башкаларды ала келип, натураны жакшы көрүнгөн жерге жарашыктуу жайгаштыралы. Андан соң натюрмортту өзүнөн көрүп, графикалык каражаттар менен аткарууда төмөнкү сунуштарды эске алалы.

- баракка тартыла турган көрүнүштү туура сүрөттөө үчүн ыңгайлуу орундарга бири-бирине тоскоол болбогондой жайгашуу;
- натураны жайгаштыруу иштерин жүргүзөлү;
- деңгээл сызыгын (горизонт сызыгын) белгилегенди унутпай аткаралы;
- түзүү иштеринин жүрүшүндө алыс жана жакын жайгашкан нерселердин перспективалык көрүнүшүн туура сүрөттөйлү;
- жарыктын таралышын эске алалы ж. б.

*Кийинки сабакта:*

Декоративдүү өнөрдүн негизинде курак ыкмасында күз мезгилинин көрүнүшүн чагылдыруу.

**Тест**

1. Көркөм сүрөт өнөрүндө жаратылыштын түрдүү көрүнүшүн чагылдырган жанр кайсы?

а) бейне;
б) пейзаж;
в) жаныбарлар.

2. Живопись жанрында эмнелерди колдонуп чыгармаларды жаратышат?

а) тактар, чекиттер, сызыктар;
б) толкун, ийри сызык;
в) түстөр.

3. Жылуу түстөр кайсылар?

а) көк, күрөң;

б) ак;

в) сары, кызыл.

4. Кайсы жанрда чыгармаларды жаратууда деңгээл сызыгынын закону өтө маанилүү?

а) натюрморт;

б) ийлеп чаптоо;

в) шаардык пейзаж.

Мурунку сабакта графикалык аткарган иштерди өзүнөн көрүп же элестетип тиешелүү түстөрдү издеп таап, ирээти менен боёп бүтүргүлө.

Жылуу жана муздак түстөрдү туура колдонуп, күзгү пейзажды натурадан тартып келгиле.

## *1–3-сабактар*

## Жашоо-турмушубуздагы оюмдар дүйнөсү

Элибиз эзелтен көркөм сулуулукка өзгөчө маани бергендигин бизге чейин сакталып жеткен колдонмо буюмдардан, алар тууралуу тарыхый баяндамалардан билсек болот. Мисалы, кыргыз жергесин изилдеген белгилүү окумуштуулардын бири Михаил Рындиндин илимий маалыматтарында кыргыз элинин маданияты биздин заманга чейинки IV–V кылымдарда эле өнүккөндүгү, оюм-чийим үлгүлөрүнүн 3500дөн ашык түрү бар экендиги маалымдалган.

Туулуп-өскөн жердин ажайып кооздугу, чеберлердин учкул кыялдары оюмдар аркылуу баяндалып, аздектеп түшүрүлгөн. Күндөлүк жашоо-турмушта керектелүүчү буюмдарга көрк эле бербестен каалоо-сезимдерди билдирген. Буга чейин силер билген оюмдар кандай түрлөргө бөлүнөөрүн билесиңерби?

Оюмдар дүйнө жүзүндө жашаган элдердин маданий мурастары катары ар биринин жеке өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрүн билдирет. Дүйнө элдеринин бардыгында маданий мурас катары учуроочу оюм-чийим өнөрү ар бир элдин жеке өзгөчөлүгүнө жараша өнүгөт. Кыргыздын улуттук оюм-чийимдеринин эң түпкү үлгүлөрүн байыркы кол өнөрчүлүккө байланышкан буюмдардан көрө алабыз.

* Төмөнкү сүрөттөрдө колдонмо жасалга өнөрүнүн кайсы түрлөрү көрсөтүлгөн?






 

Кол өнөрчүлүктүн ар кандай түрлөрү боюнча түрдүү буюмдарды даярдап, жасалгалоо боюнча эмгектенген өнөр инсандардын кесиби кандай аталат?

- сайма сайып, шырдак жасагандар кимдер?
- жыгачтан буюм жасаган адамды ким дейбиз?
- темирден буюмдарды жасап, кооздук келтиргендерди кандай аташкан?
- алтын-күмүштөн зер буюмдарды ким даярдайт?
- тери иштеткендерди кандай аташкан?

Кандай гана оюм түшүрбөйлү сөзсүз ал оюм эмненин бетине, кандай максатта түшүрүүлөрүн аныктап алуу зарыл. Мисалы, төмөндө берилген оюмдар менен кандай нерселерди көркөмдөсө ылайык болот?

**Оюмдардын так өлчөнүп, тилкелерге түшүрүлүшү**



Оюмдардын тилкелерде такталган өлчөмдөгү сызыктар, чекиттер, тактар менен сүрөттөлүшү.

Оюмдардын тегиздик бетинде эркин сызылган сызыктар, чекиттер, тактар менен сүрөттөлүшү.





Оюмдардын тилкеде түстөр менен боёлушу.



**Тапшырма**

Буга чейин оюмдарды түзүүдөгү эрежелерди эске алып, чыгармачылык менен тилке оюмдарынын эскизин түзөөрдө эң алгач эмнелерди эске алуу керектигин ирети менен айтып бергиле?

Өткөн сабакта көркөм кол өнөрчүлүктүн түрдүү тармактары боюнча эмгектенген чеберлердин кандайча аталаарын билгенбиз. Биз оюмдарды чеберчилик менен өздөштүрсөк мыкты оймочу-чиймечилерден болобуз.


Окуу китебиңерде үлгү катары берилген эң жөнөкөй тилкечеде сүрөттөлгөн оюмдар сыяктуу силер да өзүңөрдүн ой-чабытыңарды берсеңер болот. Өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алынган оюмдардан композиция түзүп, көркөм каражаттар менен иштеп, колуңарды көнүктүргүлө.

Түзүлгөн композицияны кандай максатта, кайсы жерде колдонуу керектигин аныктагыла.

**Симметриялык оюмдарды түзүү**

Симметрияны бир өзөктүн эки жагына туура жайгашып, бири-бирине дал келишкен нерселерден көрүүгө болот. Симметрия – бул шайкештик, бир бүтүн нерсенин элестетип тепетең бөлгөндө бири-бирине төп келиши.

Жакшылап көңүл коюп карасак, симметриялуу көрүнүштү алыс барбай эле айлана-чөйрөбүздөгү жандуу жаратылыштан көрүүгө болот. Мисалы, төмөнкү фото сүрөттөн таң алдындагы мемиреген тынчтыкты, Нарын дарыясынын, Таш-Көмүр тоо кыркаларынын, алыстагы дарактардын жана көгүлтүр асмандын суудагы чагылышынан симметриядагы сулуулуктун кереметин көрүүгө болот.






Нарын дарыясы



«Манас айылы» комплекси

Кайсы жерде болбосун чеберчилик менен симметриялуулуктун элементтери так аткарылса ошол жерден керемет сулуулукту көрүүгө болот. Буга мисал катары архитектура жаатында борбор шаарыбыздагы Манас айылы комплексин жана Самарканддагы Шердор медресесин карап көрөлү. Бул архитектуралык курулуштардан симметриялуулуктун кандай элементтерин көрүүгө болот?

Симметриялуулукту эске алып оюмдардан композиция түзөөрдө алгач төмөнкү сүрөттөрдөгүдөй чакмак сызык дептердеги жардамчы сызыктарды колдонуп, жөнөкөй жана татаалыраак композицияларды түзсөк натыйжалуу болот.



Оюмдарды аткарууда түстөрдү таанып, тандап берүүнүн да мааниси зор. Анткени алгач графикалык аткарылган оюмга түстөр аркылуу жан киргенин байкоого болот. Мисалы, Ч. Аманованын «Жыл мезгилдери» деп аталган саймасынан жылдын төрт мезгилинин түсүн аныктаса болот.



Жыл мезгилдери. *Сайма. Ч. Аманова*


Кыргыз элиндеги ар бир оюм-чийимдин өзүнүн аталышы бар. Байыркы кыргыз элинин дүйнө таанымына ылайык ар бир оймонун өзүнүн орду, символикалык мааниси болгон. Аны чебер-уздар кез келген жерге кооздук үчүн пайдалана берген эмес. Алар ар кыл ой-сезимдер, түрдүү окуялардын сюжеттери камтылган баяндамалуу сүрөт искусствосунун өзгөчө түрү болгондуктан алардын маанисин чечмелеп билсе болот. Туш кийиздерге кыргыздын улуттук оюм-чийимдерине мүнөздүү болгон, табияттан алынган Күн, Ай, булак, суунун жана жандуу жаныбарлардын, адамдардын сөлөкөттөрүнүн сүрөттөлгөндүгүн көрөбүз. Мисалы, «Умай эне» оймосу куш-

тун келбетине окшош келип энелердин улуулугун даңазалап, жаш балдарды жамандыктан коргоочу катары чечмеленет.

Оюмдар эзелтен белгилүү болгону менен улам барган сайын учурдун талабына ылайык композициялык түзүлүшү да татаалданып, байып келет. Демек, композициялык оюм адамдын ички ой-максатын, үмүтүн, сүйүүсүн билдирген ойду түшүндүрөт. Ошондуктан оюмдарды чечмелеп, маанисин түшүнүп, туура сүрөттөп түшүрүүнүн ыкмаларын билүүбүз зарыл.

**Тапшырма**

Түстүү картондордон белек салуучу кутучаны жасоону үйрөнөлү. Үлгү катары берилген кутучанын жайылмасын өлчөмдөр боюнча жасап, бетин оюмдар менен кооздогула.



Мисалы, төмөнкү сүрөттөгүдөй кооз кутучаны жасоо үчүн алгач сүрөттө көрсөтүлгөн үлгүнү (шаблонду) масштабын ылайыгына жараша чоңойтуп же кичирейтип алабыз. Даярдалган үлгүнүн негизинде 10 түстүү картон кагаздын бетине чийип кесип, кутучанын беттерин даярдайбыз. Үлгүдөгү үзүк сызыкчалар менен белгиленген жеринен бүктөп астыңкы, үстүңкү бөлүктөрүн чаптасак, ажайып кооз кутучанын тулкусу даяр болот.

Кутучанын бир бетинин үлгүсү (шаблону).



Мындан сырткары, түрдүү формадагы кутучаларды төмөнкү схемада берилген үлгүлөр боюнча тандап же интернеттен башка варианттарын издеп таап жасасаңар болот. Белекке берилүүчү кутуча, баштыкчалардын формасы даярдалгандан кийин мурдагы сабактарда таанышкан оюмдун түрлөрү менен мааниси жана жарашыгына жараша түрдүү ыкмаларды колдонуп, көркөмдөө үчүн композицияларды түзүүгө болот.



Белектер салынуучу кутучалардын үлгүлөрү.

Масштаб – белгиленген нерсенин накта өлчөмү менен сүрөттөп көрсөтүүдө же өлчөмү боюнча ал нерсени даярдоодо жагдайына жараша бир нече эсеге кичирейтип же чоңойтуу. Мисалы, үйдүн накта өлчөмүн өзгөртпөй туруп, альбомдун барагына батырып сүрөтүн тартуу мүмкүн эмес, сөзсүз масштабын кичирейтишибиз керек.

## Композициялык оюмдар жана оюмдардын буюм бетине түшүрүлүшү

Колдонмо жасалга өнөрүн чебер усталардын колунан чыккан, күндөлүк жашоо-турмушта керектелүүчү жарашыктуу жасалгаланган буюмдарынан көрүүгө болот. Аларга көркөмдөлгөн, урунула турган буюмдар, идиш-аяктар, кийим-кечелер, ат жабдыктары жана башкалар кирет. Колдонмо жасалга өнөрү айрым учурларда декоративдик-прикладдык деп айтылат. ***Декоратор*** – деген сөздү кыргызчага которгондо театр, сахнаны жасалгалоочу, кооздоо иштеринин адиси деген маанини түшүндүрүп, жашоо-турмушубузда кеңири колдонулат.

Колдонмо жасалга өнөрүндө колдонулуучу буюмдарды даярдоодо биринчи кезекте жасалган буюмдар пайдаланууга өтө ыңгайлуу жана кооз болушу керек. Айлана-чөйрөбүздөгү, күндөлүк жашоо-турмушубуздагы бизге зарыл болгон буюмдар ар дайым бизге жагымдуу маанай тартуулап туруусу зарыл.

Жасалгалоо иштерине элибиз эзелтен көркөм оюмдар аркылуу ой-максат, тилегин, каалоо-сезимдерин билдиришкен. Анда табияттан, тиричилик жана башка көрүнүштөрдөн алынган оюмдарды (орнамент) колдонсо болот. Оюмдарды түшүрүүдө даярдалган буюмдун геометриялык формасын эске алып, композиция түзүлүшү керек. Композиция – бул сүрөт өнөрүнүн идеялык жана көркөмдүк жактан түзүлүшү.

Композициялык оюмдар адамдын ички ой-максатын, үмүтүн, сүйүүсүн, тилегин билдириши керек. Ошондуктан ар бирибиз оюмдарды туура чечмелеп, көркөмдөөнүн түркүн жолдорун үйрөнүшүбүз абзел. Биздин ата-бабаларыбыз жаратып калтырган оюм-чийимдер бизге рухий байлык, тарых. Ошондон улам биз улуттук коллоритти сактап, өркүндөтүшүбүз максатка ылайык.

Оюмдар түрдүү буюмдардын бетине сызык, түстөр, тактар жана ар кандай геометриялык фигуралардын жардамы менен түшүрүлөт. Башка улуттун оюм-чийимдери, оюмдары башка түзүлүштө аткарылып, ошол элдин, улуттун үрп-адатын, салт-санаасын, маданиятынын өзгөчөлүгүн камтып, даңазалап тургандыгын байкаса болот.

Декоративдүү өнөр деп эмнени айтабыз?

Оюмдар дүйнөсүнүн жашоо-турмушубуздагы орду кандай?

Симметриялык оюмдарды кантип түзүлөт?







**Тапшырма**

Түстүү картон кагаздардан даярдалган белектерди салуу үчүн баштыкчаларды даярдап, кутучалардын бетин кооздоо үчүн түзүлгөн композициялык оюмдарды буюм бетине жарашыктуу жайгаштыралы.

## *4–5-сабактар*

## Табият жана архитектура. «Менин келечектеги үйүм, айылым, шаарым»

Архитектура кыргыз тилинде курулуш искусствосу деген-ди билдирет. Ал эми архитектор деп курулуш иштерин мык-ты билген, имараттардын сүрөтүн тартып, чиймесин чийип, пландарын түзгөн адамдарды айтабыз. Архитектура боюнча тарыхый маалыматтарга таянсак, байыркы заманда адамдар тоо-таштардын арасында, үңкүрлөрдө баш калкалап, жан ба-гышканын жакшы билебиз.

Кийин бара-бара жөнөкөй түзүлүштөгү үйлөр адамдар та-рабынан курулуп топурак, таш, жыгач жана башка табигый каражаттарды колдонушкан. Ушундай эле каражаттар менен айрым жаныбарлардын салган уяларын байкоого болот. Кай-сы жаныбарлардын, куштардын кандай жерге, кантип уя сал-ганын көрдүңөр эле?

Адамдар чакан топторго бөлүнүп, сүрөттө көрсөтүлгөндөй үйлөрдү куруп отурукташкан. Кичинекей айылдар курулуп,



Байыркы адамдардын турак-жайлары


айылдар бара-бара шаарга айланган. Үйлөрдүн курулушу улам жакшырып, ыңгайлаштырылып, коздолуп, турмушта кеңири колдонула баштагандыгына китептеги иллюстративдик сүрөттөр далил.



Байыркы адамдардын жашоосу



Оштогу эски көчө. *Акварель боегу. У. Ахунов*



Куттуу боз үйлөр

Боз үй көчүп-конууга ыңгайлуу, жылдын кандай гана мезгили болбосун жашоого ылайыкташып, турмуштун татаал сынактарынан өткөн. Элибиз ар дайым мал-жанга ыңгайлуу жер тандап, тоо таянып, көчүп-конуп жашаган. Ошондуктан боз үйдү ойлоп табуу зарылдыгы келип чыкканын жакшы билесиңер. Боз үй – бул акылман кыргыз элинин чебер усталары менен колунан көөрү төгүлгөн уздарынын өрнөктүү өнөрүнүн кайталангыс үлгүсү. Ата-Журтубуздун ажарын ачып, тарыхын байытып турган бирден-бир сыймыктанаар дөөлөтүбүз.

Архитектуранын өсүшү турак-үйлөр менен гана чектелбестен жашоо-турмушубузга зарыл болгон жолдор, көпүрөлөр салынып, мунаралар, мечиттер ж. б. курулуштар курулуп, барган сайын жаңыланып, толукталып турган.

Демек, курулуштардын өсүп-өнүгүүсү адамдардын изденип эмгектенүүсүнүн натыйжасы деп таанууга болот. Бүгүнкү күнгө чейин сакталган тарыхый эстеликтер ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолун баяндап турат. Мисалы: Таш-Рабат, Бурана, байыркы шаарлар Ош, Өзгөн ж. б. Адамдын оюна келбеген дүйнөдөгү белгилүү архитектураларды алсак болот.



Кыргыздардын дүйнөдөгү эң чоң боз үйү. *Кытай*

Мисалы, Самарканддагы Шердор медресеси, Петергофтогу оргума-фонтандар жана шаркыратма тепкичтер, Индиянын эң көрүнүктүү Лотос храмы, Сидней опера театры ж. б.

Кытайда дүйнөдөгү кыргыздардын эң чоң боз үйү курулган, анын диаметри 40 метр, бийиктиги төрт кабат.

Бул курулуштар ар башка формада, көрүнүштө, түстө, узундукта, бийиктикте кездешет жана түрдүү курулуш материалдарынын пайдалангандыгын көрүүгө болот. Ошону менен бирге сырткы көрүнүшү кандайдыр бир ажайып нерсенин элесин чагылдырып турат. Келечекте биздин өлкөбүздө дүйнөнү таң калтырган архитектуралык курулушту курса болобу?

Эмне үчүн болбосун, балким силер чоңоюп, эрезеге жеткенге чейин курулат, эгер курулбаса силер сөзсүз курасыңар. Ал үчүн жакшы окуп, талыкпастан изденишиңер керек.

Архитектуранын үч тармагы (түрү) бар. Алар:

- Көлөмдүү курулуштар бул жалпы мекемелер, мектептер, театрлар, стадиондор, дүкөндөр, өнөр жайындагы завод, фабрикалар жана дин багытындагы мечит, чиркөөлөр ж. б. курулуштар.




Шердор медресеси. *Самарканд шаары*



Петергофтогу фонтандар жана шаркыратма тепкичтер



Сидней опера театры – дүйнөгө белгилүү
архитектуралык курулуштардын бири



Индиядагы Лотос храмы – эң көрүнүктүү
архитектуралык курулуштардын бири





Ландшафттар дизайны



Ландшафттык-архитектура дизайны

- Жашылдандыруу, ландшафттык архитектура – көрктөндүрүүчү каражаттар: фонтан, көпүрөлөр, тепкичтер, гүлзарлар, гүл бакчалар, парктар ж. б.

- Шаарларды куруу искусствосу – жаңы шаарды куруу жана эски шаарларды ондоо болуп саналат.

* Жогоруда берилген сүрөттөрдө архитектуралык курулуштар жалаң гана турак-жайлар менен чектелбестен дагы эмнелерден курулаарын көрдүңөр?

Эми бул архитектуралык курулуштардын башка курулуштарга салыштырмалуу кандай өзгөчөлүктөрү бар экендигин айтып бергиле.

Келечекте баардыгыбыз үйлүү-жайлуу болобуз. Ошол мезгилде азыркы жашап жаткан айылда же шаарда кездешкен ыңгайсыздыктарды болтурбай келечекте кандай жерде, кандай үй куруп жашагыңар келет?

**Тапшырма**

Болочокто курула турган турак-жайыңдын экстерьердеги көрүнүшүнүн эскиздерин түзүп, жаратылыштын фонунда сүрөттөп көрсөт. Буга чейин *интерьер* – деген термин турак-жайлардын ички көрүнүшүн маалымдаса, *экстерьер* – бул үйдүн же имараттын сырткы көрүнүшү дегенди түшүндүрөөрүн эстен чыгарбайлы.


Мурунку сабактагы «Менин келечектеги үйүм, айылым жана шаарым» – деген темада түзүлгөн эскиздерди талдап, тандап, бышыктоо.

- Архитектуранын тарыхы жана анын түрлөрү
- Архитектуранын табият менен байланышы

Кыял-чабыттарыбыздагы болочок турак-жайларыбыздын экстерьери сүрөттөлгөн варианты боюнча сүрөтүн тартабыз. Чыгармачылык ишти аткарууда сөзсүз буга чейин алган билимдерди тажрыйба жүзүндө колдонушубуз керек. Алар:

- Кыялыбыздагы турак-жайыбызды сүрөттөөдө ал жандуу жаратылыштын бир бөлүгү катары жарашыктуу, бири-бирин толуктап турушу керектигин унутпайлы, муну болочок архитектор, сүрөтчүлөр сөзсүз эске алышы зарыл.
- Алгач кагаз бетине буга чейин маалым болгон деңгээл сызыгы жана перспективанын жардамы менен үйлөрдү туура жайгаштырып, тартуу учурунда төмөнкү сүрөттөрдө көрсөтүлгөн ыкмаларды унутпай колдонолу.
- Пейзажды жана архитектуралык курулуштарды сүрөттөөдө ар дайым катуу чийбей жеңил сызыкчалар менен негизги объекттердин болжолдуу ордун белгилеп, жарашыктуу жайгаштырып, ондоп-түзөгөндөн кийин боёо иштерин жүргүзөлү.


Келечектеги курулуучу үйлөрдүн жердигин (фонун) сүрөттөп тартууда аба перспективасын эске алып, алыс жана жакындыгына жараша жогоруда көрсөтүлгөн сүрөттөгүдөй түстөрдү тандап берсеңер жарашыктуу көрүнөт.



Деңгээл сызыгынын жардамы менен үйдүн сүрөтүн тартуу



Үйдүн сүрөтүн төмөн жактан карап тарткандагы
деңгээл сызыгынын жайгашуусу



Үйдүн сүрөтүн өйдө жактан карап тарткандагы
деңгээл сызыгынын жайгашуусу





Интернеттен алынган айрым турак-үйлөрүнүн үлгүлөрү

## *6–7-сабактар*


## Жаңы жылдык жасалгалар

«Жакшы тилек – жарым ырыс» деген накыл сөздүн маанисин кандай түшүнөсүң? Буга чейин сага карата айтылган жакшы каалоо-тилектерге маани берип, жан дүйнөңдү байыт. Айтылган тилектердин кабыл болуп, ишке ашуусуна чын дилиңен далалат кыл. Болгон күч-аракетиңди жумшасаң ал тилектер сөзсүз кабыл болот. Кимге кандай мамиле кылсаң кайра ошондой эле мамиле өзүңө кайрылып келет. Ошондуктан улам жыл сайын жаңыланып келген Жаңы Жыл майрамын жарашыктуу, жакшы тосуп алуунун камын көрөлү. Жакын адамдарга кубаныч тартуулайлы.

«Жаңы Жылды кимдер менен кандай маанайда тоссоң жыл бою ошондой маанайда болосуң» – деп жөн айтылбаса керек. Ал үчүн биринчи кезекте өзүң жашаган айлана-чөйрө, жасалгалай турган жер жыйнактуу, таза болушу керек. Жакшы көргөн адамдарды дубал газетасын жана куттуктоо баракчаларын даярдап куттуктасаңар жеткиликтүү болот. Көркөм өнөр сабагынан алган билим, тажрыйбаны колдонуп, алгач ойлорду топтоп, чагылдыруу үчүн тиешелүү форматтагы кагазга төмөнкүдөй графикалык сүрөттөрдү тарталы.




Андан кийин майрамдык маанай тартуулаган түстөр менен боё иштерин жүргүзөбүз.




Дубал газеталарды даярдагандан кийин көрүнөө жерге жарашыктуу илип, интерьердин көркүнө көрк кошсок болот.

*Интерьер* – бул имараттын ички көрүнүшү экендигин жакшы билесиңер. Интерьерлерди жасалгалоодо эптеп эле табылган нерселерди башаламан чаптап, иле бергенден көрктүү болбойт. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» – дегендей бардык жасалгалоо иштерин кеңешип, бирдиктүү композициясын иштеп чыгуу талапка ылайык. Жөнөкөй эле бир мисал, кар бүртүкчөлөрүнүн бардыгын бирдей өлчөмдө, бир беткей түстө, окшош формада, бирдей бийиктикте терезелерге чаптап, шыпка (потолокко) илсе кызыксыз болуп калмак. Аларды кадимки кыш мезгилиндеги түстөргө окшоштуруп, ар кандай түстө, чоңдукта, кадимки кар жаап жаткандай элести таап берсек абдан таасирлүү болот.


Бул кар бүртүкчөлөрүнүн үлгүсү мурдагы силер жасаган кар бүртүкчөлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат экен?

Интерьерди кооздоодо арча кайыңдардын, жаныбарлардын, адамдардын элесин силуэт түрүндөгү түстүү кагаздардан кесип, чаптасак абдан кызыктуу болот. Кагазды кесип, оюп иштөө ыкмасын «Киригами» – деп аташат. Бул ыкманын аталышын япондордун кагазды бүктөп иштөөдөгү «Оригами» – деген сөзүнө окшоштуруп эстеп калсаңар болот.

Мисалы, киригами ыкмасында кар бүртүкчөлөрү, балаты, өсүмдүк жана жаныбарларды же болбосо адамдын силуэтин

ж. б. кагаздан кесип аткарса болот. Аны жаңы жылдык жасалгалар үчүн колдонсок интерьердин көркүнө көрк кошот.


Кагаз менен жасалгалоо иштерин аткаруунун кандай ыкмаларын билесиң?





1. Жаңы жылдык жасалгаларга кандай түстөрдү колдонуу керек?

2. Интерьерди жасалгалоодо төмөндө берилген ирээттүү жаңы жылдык жасалгаларды тандап колдонсок болот.












**Тапшырма**



Киригами ыкмасында алгач эң жөнөкөй көлөмдүү кар бүртүкчөлөрүн жасап көрөлү. Бул үчүн квадрат формасындагы бирдей өлчөмдөгү 6 барак жана желим (клей) керек болот. Аткарылуучу

ишти жеңилдетүү максатында алдын-ала үлгү (шаблон) даярдап алсак, ал аркылуу сызыктарды түз сызып, кесиенге жеңил болот.



– Сүрөттө көрсөтүлгөндөй кылып алты баракты кабаттап диагоналынан бүктөйбүз. Бүктөлгөн жерлери даана көрүнгүдөй кылып ар бир баракты өз-өзүнчө дагы бир сыйра бүктөп чыгабыз.

– Андан кийин сүрөттө көрсөтүлгөндөй параллель сызыктар аркылуу борбордук бүктөмгө бир сантиметр жеткирбей кесебиз.


– Кагаздарды ажыратып, бүктөлгөн жерлерин жазбай туруп борбордук бөлүгүн көрүү мүмкүн эмес.

– Эми аягына чейин кыркылган бурчтарын түгөй-түгөйү менен алмак-салмак, биринчи ички бурчтарын ичине, кийинкисин сыртына каратып, бурчтарын чаптап чыгабыз. Чаптоо үчүн көп деле клей жумшалбайт, кичине бир тамчы желим (клей) жетиштүү болот.

Бардыгын чаптап чыккан соң үчөөнүн учтарын бир тарапты көздөй имерип бириктирип чаптап, калган экөөнү башка жакка карай имерип чаптасак бардыгы бир борбордо биригип барпайган көлөмдүү кар бүртүкчөсү пайда болот.





Мурда кар бүртүкчөлөрүн тегиздиктин бетинде жасап келсек эми көлөмдүү жасаганга үйрөндүк. Жасалгалоо иштериндеги ар бир үйрөнгөн ыкмаларды турмушубузда колдоно билип, ыңгайына жараша көркөмдөө иштерин бөбөктөрүбүзгө да үйрөтсөк жакшы болот.

### *8–9-сабактар*

### Белгилүү сүрөтчүлөр жана алардын чыгармалары

Көркөм өнөрдүн түрдүү тармактары боюнча колунан көөрү төгүлгөн усталардын, уздардын, белгилүү сүрөтчүлөрдүн өмүрү жана алардын чыгармачылык жолу, чыгармаларын таанып-билүүдө искусство таануучу адистердин эмгектери зор. Булардын ичинен Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгеги сиңген ишмер Амантур Акматалиевди айтсак болот.

Бүткүл өмүрүн элибиздин байыртадан келаткан үрп-адат, салт-санаа, улуттун уңгулуу уюткусун, усталар менен уздардын, саяпкерлер менен мүнүшкөрлөрдүн, зергер, өрмөчү, саймачы, бедизчилердин өнөр өзгөчөлүктөрүнүн керемет сырларын, жасалыш жолдорун, элдик таалим-тарбиясын, нарктуу көрүнүштөрүн изилдөөгө арнап, көркөм тил менен тизмектеп жазып калтырган.

Ал эми Кыргызстанда профессионалдык сүрөт искусствосу Совет өкмөтү орногондон кийин гана пайда болгон. 1920-жылы орус сүрөтчүсү В. В. Образцов Кыргызстанда биринчи жолу сүрөтчүлөр ийримин түзүп, сабак берген. Ошол кездеги С. А. Чуйков сыяктуу жаш сүрөтчүлөр ошол ийримдин катышуучулары болгон.



Кыргызстанда көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхынын биринчи этабы орус реалисттик искусствосун тууроо жана көчүрүү аркылуу жүргүзүлүп, 1930-жылдардан баштап кыргыз элинин өзгөчөлүктөрүнө, традицияларына таянып өзүнчө калыптануу доору башталган.

Агартуу институтунда сүрөтчүлөрдүн ийриминин студиясы, кийин Кыргыз педагогикалык техникуму болуп кайрадан түзүлгөн. Ага бир топ кыргыз жаштары тартылып, сүрөт өнөрүнөн сабак алышкан. Кийинчерээк алардын ичинен С. Акылбеков, Г. Айтиев, ж. б. Москванын көркөм-сүрөт окуу жайларына жөнөтүлгөн. Алар күчтүү педогогдордон билим алып, кийин мекенибиздеги сүрөт өнөрүнүн түптөлүп, калыптанышы үчүн кызмат кылышкан. 1939-жылы Фрунзеде көркөм-сүрөт окуу жайы уюштурулуп, кыргыз сүрөтчүлөрүнүн алгачкы мугалимдери В. Образцов, А. Игнатьев, Л. Месарош, О. Мануйлова жана башка өнөр инсандары болушкан. Алар өздөрүнүн чыгармачылыгынын мыкты барактарын кыргыз элине арнашкан.

Жогорудагы сүрөтчү-мугалимдердин кандай чыгармаларын буга чейин көрдүңөр эле? Ал чыгармалар кандайча аталат?

Кыргыз тарыхында профессионал сүрөтчү катары таанымал Гапар Айтиев сүрөт өнөрүнүн кайсы жанрында көп эмгектенген?

Сүймөнкул Чокморов искусствонун кайсы тармактарында кандай образдарды жараткан?

Кыргыз сүрөтчүлөрүнөн кимдерди жана алардын кандай чыгармаларын билесиңер?



Автопортрет.
*В. Образцов*

Кыргыз сүрөт өнөрүнүн басып өткөн тарыхы тууралуу эмнелерди айта аласың?



«Козголоңчулар». *В. В. Образцов*


**Тапшырма:**

Б. Кроссвордду чечмелөө.
Кроссворддун жообун дептериңерге жазгыла.

**1-топ**

*Туурасынан:*
1. Жаратылышты чагылдырган жанр кайсы?
2. Эң алгачкы кыргыздардан чыккан сүрөтчү?
3. Кыргызстанда төрөлүп, жашаган орус сүрөтчүсү.


*Тикесинен:*
Сүрөт өнөрүнүн негизги түрү.



**2-топ**

*Туурасынан:*
1. Сүрөт өнөрүнүн бир түрү.
2. Винчинин аты ким?
3. Ак жана кара түстөрдүн айкалышы.

*Тикесинен:*
Сүрөт тартуучу каражат.



## Тест

1. Ак жана кара түс менен аткарылган сүрөт өнөрүнүн түрү кайсы?
   а) перспектива кубулушу;
   б) контраст жана нюанс;
   в) графика өнөрү.
2. Кыргызстанга келген эң алгачкы орус сүрөтчүсү ким?
   а) О. Мануйлова;
   б) С. Чуйков;
   в) В. Образцов.
3. Сүрөт өнөрүндөгү жаратылыш кооздугун чагылдырган жанр эмне деп аталат?
   а) анималистика;
   б) натюрморт
   в) пейзаж.
4. Эң алгачкы кыргыз сүрөтчүсү ким болгон?
   а) Сүймөнкул Чокморов;
   б) Гапар Айтиев;
   в) Алтымыш Усубалиев.

Буга чейин кыргыз жана дүйнө элдерине таанымал сүрөтчүлөрдүн өмүрү жана чыгармачылык жолу боюнча маалыматтарды таап ой бөлүшөлү дегенбиз. Ким кайсы өнөр инсандарынын чыгармачылыгы боюнча маалыматтарды топтоого жетишти, ошол боюнча талкуу жүргүзөлү. Калган окуучулар портфолиого материалдарды топтоо ишин улантышат.

### *1–2-сабактар*

### Бейне (портрет) жанры

Портрет «portrait» француз тилинен которгондо «сүрөттөп көргөзүү» деген маанини түшүндүрөт. Адамдын келбети сүрөттөлүп аткарылса, аны бейне (портрет) деп атайбыз. Эгерде бир же бир нече кишилердин сүрөттөрү чагылдырылса, аларды жалпы жонунан бейне (портрет) жанрындагы чыгарма деп атайбыз. Чыныгы сүрөтчү адамдын сүрөтүн жөн гана окшоштуруп көчүрүп коюу менен чектелбестен сүрөттөлгөн кишиге гана таандык жан дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн чагылдырып көргөзөт. Бейне жанрындагы искусство бир нече миң жыл мурун пайда болгондугун бизге чейин сакталып жеткен мурастар далилдейт. Улуу Манас эпосундагы каармандардын кулк-мүнөзү кандайча сүрөттөлгөндүгүн баамдап көрөлү. Манас баатырдын төрөлүшү:

Баланын турпаты:
Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Эрди калың, көзү үңкүр –

деп ар бир сапта баланын жүзүнө токтолуп, толук сүрөттөгөн.

Бай Жакып уулу Манаска кыз издеп Каныкейди тандаганы:

Санирабига кыз экен
Сан сулуунун өзү экен
Чылк алтындын жыгасы
Оң чекеде кырданып,
Акыл толгон кези экен.

Олондой кара чачы бар,
Келишкен кара кашы бар.
Жазы маңдай кара көз,
Жатык тилдүү ширин сөз.
Аркасы кайкы аркар төш,
Ай чырайлуу бото көз.
Кызылдуу жүзү нурданган,
Кымча бели буралган.

Бул саптарды окуп, биздин улуу манасчылар адамдын жүзүндөгү, турпатындагы өзгөчөлүктөрүн байкап, маани бергендигин, сулуулугун, мыктылыгын жана анын келечегин көрө билгендигин байкоого болот.

Байыркы Грецияда скульптуралык бейне жанры болуп көрбөгөндөй өнүккөн. Сүрөтчү көпчүлүк учурда конкреттүү адамды сүрөттөөдө идеал адамдын образын берүүгө аракеттенген.

Сүрөтчүнүн негизги милдети адамдын сүрөтүн жөн гана окшоштуруу эмес. Адамдын ички дүйнөсү, сезимталдыгы,





Нефертити – байыркы Египеттин ханышасы.
Байыркы римдиктердин бейнеси (портрети).
Байыркы Грециядагы бейне (портрет)

ошондой эле анын коомдогу абалын көрсөтүү негизги талап болуп эсептелет. Искусствонун тарыхында бейне жанры – эч качан унутта калбаган, ар дайым өсүп-өнүгүп турган жанр. Байыркы Римде белгилүү шаардыктар жана алардын үй-бүлөлөрүнүн бедиздерин жасашкан. Ал бедиздерди карап

байыркы мезгилде жашаган адамдар кандай кийинишкенин, кандай кооздуктарды колдонгонун жана сүрөтчүлөр аларды кыйла тактык менен сүрөттөшкөнүн көрөсүңөр.



Кыргыз балеринасы Бүбүсара Бейшеналиеванын эстелиги

Живописттик бейне (портрет) жанры кийинчерээк «Кайра жаралуу (жаңылануу)» доорунда пайда боло баштаган. Ошол мезгилде бейнелер (портреттер) экиге бөлүнүп, салтанаттык (параддык) жана камердик деп аталган. Салтанат бейнелери (портреттери) салтанат учурун чагылдырса, камердик бейне чакан имарат, бөлмө ичинде сүрөттөлгөн.

Топтук бейнелер үй-бүлөлүк же жамааттык (цехтик) болуп бөлүнөт, мындайча айтканда сүрөттөлгөн адамдарды жалпы иши менен байланыштырып тургандыгын көрүүгө болот.

*Жалтырайт, көңүлдү бөлөм,*
*Карасам өзүмдү көрөм.*
*Табышмактын жообун тап.*

Сүрөтчүнүн өзүн-өзү тарткан сүрөттөлүшү өз бейне (автопортрет) деп аталат. Алсак, дүйнөгө атагы чыккан улуу адамдар да өз бейнелерин сүрөттөп тарта билишкен. Буга Леонардо да Винчи, А. С. Пушкин жана башкалардын автопортреттери далил.



Леонардо да Винчи



А. С. Пушкин

Адамдын сүрөтүн тартууда кандай көрүнүштө жана кандай ыкмалар менен тартсаңар болот:

**Баш.** Баштын көрүнүшү сүрөттүн бардык жерин ээлейт.

Баш дененин төш бөлүгү, төштүн көөдөнүнө чейин жана кийими менен тартылат.

Адамдын жарым тулку бою (жарым фигура). Адамдын белине чейин тартылган сүрөттөлүшүндө моделдин колдорун жана анын артындагы нерселерди (фонун) тартуу мүмкүнчүлүгү бар.

**Тулку-бою** (фигура). Адамды толук тулку-бою менен отургузуп, тургузуп же жаткызып тартуу. Мындай тартууда кийген кийимин, моделдин кандай отурганын, турганын, отурган ордун (токойдо, бак арасында, залда, бөлмөдө) жана аны курчап турган айлана-чөйрөдөгү буюмдарды (үй-эмеректери, идиш-аяк, китептер) сүрөттөсө болот. Сүрөттөлүштөгү адамдын башы канча кичине болсо ошончолук моделдин артындагы айлана-чөйрөнү көбүрөөк көрсөтсө болот. Сүрөтчү



«Алыкул Осмоновдун портрети». *Г. Айтиев*

бейне тартып жатып, баштын бурулуш абалын (ракурсун) сүрөттөөнү камтыйт.

Сүрөтчү көпчүлүк учурда белгилүү адамды сүрөттөөдө, идеал болгон портрет жанрындагы образды берүүгө аракеттенишкенин көрүүгө болот. Буга мисал катары кыргыз поэзиясынын кайталангыс залкар акыны Алыкул Осмоновдун, Кыргызстандын маданиятына өз атын өчпөс кылып жазып калтырган таланттуу сүрөтчү, киноактер Сүймөнкул Чокморовдун бейнелерин жараткан мыкты өнөр инсандарынын чыгармаларынан көрөбүз.

Топтолгон адамдардын бейнелерине мисал катары Гапар Айтиев менен Жакуль Кожахметов тарткан «Акындар» деген чыгармасын көрүп турасыңар. Бул чыгармадан уй мүйүз тартып отурган кыргыз элинин улуу залкар инсандарын көрүүгө болот.




«С. Чокморовдун бейнеси». *А. Сулайманов*




«Акындар». *Гапар Айтиев, Жакуль Кожахметов*

Демек, адамдын баш, бет түзүлүшүн ар түрдүү формада, ал эми кулк-мүнөзү ар кандай чагылдырыла турганын билишибиз керек. Ошондон улам темага ылайык түрдүү образдарды жаратууда төмөнкү таблицада берилген түркүн мүнөздү чагылдырган сүрөттөрдү үлгү ирээтинде колдонсоңор болот.



Көркөм сүрөт өнөрүндө бейне тартуу оңой-олтоң иш эмес. Сүрөттөп тартуу үчүн тандаган кишинин бет түзүлүшүндөгү пропорцияны туура сактап, иреттүү түзүү менен анын ошол мезгилдеги көз-карашын, кулк-мүнөзүндөгү абалын чеберчилик менен туура берүүгө аракет кылуу зарыл.

Айрым учурда бейнени бир шилтем ыкмасында дагы даана, так өзүндөй кылып чагылдырган учурлары кездешет. Төмөндө берилген бейнелерде бир шилтемдеги сызыктар ар кандай ыкмада аткарылгандыгын көрүп турасыңар. Силер да өзүңөргө жаккан ыкмадагы сызыктардын түрлөрүн тандап, сүрөттөрдөн көрүп, практикалык иштерди аткарууда колдонсоңор болот.












**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Бейненин кандай түрлөрүн билесиң?
2. Бет түзүлүшүн тартуунун этаптарын айтып бер.
3. Бейне жанрындагы китепте берилген сүрөттөрдөн башка кайсы сүрөтчүнүн иштерин билесиң?

Бейне (портрет) тартууда этаптар менен кылдат иштейбиз. Баардык сүрөттөрдү аткарууда этаптар арты-артынан аткарылат. Карандаш, көмүр, сангина менен графика өнөрүндө тартсак, ал эми живописте ушул эле этаптарды гуашь же акварель боёгу менен ирээттүү иштейбиз.



Портрет тартуунун этаптары


**Тапшырма**

1-сабак: Ар бир окуучу өзүн күзгүдөн көрүп, сүрөтүн тартат же төмөнкү сүрөттөрдө көрсөтүлгөндөй ирээттүүлүктү сактап аткарабыз.

1-сүрөттөгүдөй алдын-ала фотоаппарат менен өзүнүн сүрөтүн тартып, аны сканерлеп чыгарабыз.

2–3-сүрөттөгүдөй алгач тартылган сүрөттүн өлчөмүндөгүдөй ак кагазды даярдап алып, ага бет маңдайынан тартылган фото сүрөттү жарымынан бүктөп ак кагазга чаптайбыз.


1-сүрөт


2-сүрөт


3-сүрөт


4-сүрөт


5-сүрөт


6-сүрөт

4-сүрөттөгүдөй симметриялуулуктун негизинде жардамчы сызыктарды жүргүзөбүз.

5–6-сүрөттөрдөгүдөй жарымынан чапталган башты толук кылып, алгач карандаш менен окшоштуруп тартып, тиешелүү түстөрдү таап, окшоштуруп боёйбуз.

Бул сүрөттөгү автопортретти силерге курдаш окуучу аткарган.

Аткарылган иштерди жалпы талкуулап, окшошпогон жерлерин оңдоп, бүткөрөбүз. Автопортретти аткаруунун жолдорун өздөштүрүү оңой-олтоң иш эмес, окшошпой калды деп таштап салган болбойт. Талыкпай изденип иштесеңер сөзсүз ийгиликке жетесиңер.

2-сабак: Ар бир окуучу жанындагы досун карап, натурадан сүрөт тартуунун бардык эрежелерин ирeттүү колдонуп, көркөм каражаттар менен тартып бүтүрүшү керек.

### *3–4-сабактар*

## Адамдын тулку-бою

Адамдын тулку-боюн сүрөттөп тартууда башын тартпай туруп, ким экендигин баамдоо кыйын. Ошондон улам кимди гана сүрөттөп тартпайлы эң негизги бөлүгү анын баш жагы болгондуктан өткөн сабактагы бейне жанрындагы алган маалыматтарды бышыктап алалы.

Бейне жанры натюрморт жана анималистикалык жанрлардан эмнеси менен айырмаланат?


Бейне жанрынын кандай түрлөрүн билесиң?


«Акындар» деген картина бейне жанрынын кайсы түрүнө кирет, кайсы сүрөтчүлөр тарткан, анда кимдер сүрөттөлгөнүн кантип билсе болот?

Адамдын өзүн-өзү күзгүдөн карап тартуу сүрөт өнөрүндө кандай аталат?

Адамдардын тулку-боюнун өзгөчөлүктөрү жана ар кандай абалдарын түрдүү кырдаалда чагылдыруу боюнча мурунку класстарда алган маалыматтарды эске салалы.

Адамдын тулку-боюн тартуудагы бул бөлүмү узак убакыт аралыгында ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен аткары-






лып келген. Кийинчерээк сүрөт өнөрүнүн өсүп-өнүгүүсү менен адамдын тулку-боюн тартуунун жалпы эрежеси болуп калган. Биз да адамдын тулку-боюн сүрөттөп тартууда бул эрежелерди колдонушубуз керек. Эгер чоң кишинин сүрөтүн тарта турган болсок, анын башынын өлчөмүн вертикалдык абалда 8 жолу коюп жайгаштыруу менен анын тулку боюнун жалпы бийиктигин туура табабыз.

Ал эми өспүрүмдөрдүн жалпы өлчөмүн таба турган болсок ушул эрежени колдонуп, 7 жолу жайгаштырабыз. 7–12 жашка чейинкилердин боюнун жалпы бийиктигин табууда 6 жолу жайгаштырылат. 2–5 жашка чейинкилердин тулку-бою 5 жолу жайгаштыруу менен табылса, ал эми 1–2 жаштагылардын боюнун өлчөмүн табыш үчүн 4 жолу коюлат. Ар бир бөлүнгөн аралыкта адамдын тулку боюнун бөлүктөрү ирээтүү эреже менен туура өз ордуна жайгаштырылат.

**Тапшырма**

Үй-бүлө мүчөлөрү менен бирге аткарган чарбачылык жумуштарын же өзүңөргө жаккан спорттук оюндун бир түрүн чагылдырган чыгармага эскиз түзгүлө.

1. Адамдын кыймыл-аракетин, алардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша жогоруда көрсөтүлгөн сүрөттөрдөгүдөй тулку боюн түзүүдөгү өлчөмдөрдү сүрөттөп тартууда эске алгыла.




2. Темага жараша адамдардын кыймыл-аракетин, мүнөзүн сүрөттө көрсөтүлгөндөй бир шилтем ыкмасында элестүү, жардамчы жана жеңил сызыкчалар менен жүргүзгүлө.

3. Кыймыл өзгөчөлүктөрүн тартууда адамдын жалпы келбетин, турган турпатын өзөк (каркас) түрүндө сызыктардын негизинде жардамчы сызыктар аркылуу акырындык менен формага келтирүү керек.

4. Адамдын тулку-боюн сүрөттөп тартууда симметриялуулукту туура сактаганды унутпайлы.

5. Баардыгын туура түзүп, жайгаштыргандан кийин көлөкө жана жарык жерлерин эске алуу менен сызыкчаларды колдонуп же түстүү кийимдерин тартып көлөмүн чыгарса болот.



*Кийинки сабакта*

Болочок чыгарма үчүн түзүлгөн эскиздеги сүрөттөлгөн кыймыл аракеттерге шайкеш келген кыймылдарга байкоо жүргүзүүнүн негизинде бир шилтемдерди аткаруу. Даярдалган бир шилтемдердин жардамы менен ондоп-түзөө иштерин жүргүзүп, композициялык ишти жыйынтыктоо.

## *5-сабак*

## Майдан жанры. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде»

Бешинчи класста «Эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт» деген согуш темасындагы чыгармалар менен таанышкансыңар. Ал чыгармалардын авторлору кимдер жана кандай аталаары эсиңерде барбы? (А. Дейнека «Севастополду коргоо», Т. Казаков «Эстелик»). Андан бери майдан жанрдагы кандай чыгармалар менен тааныштыңар?



«Манас» эпосуна иллюстрация. *Г. Петров*

Бул сүрөттө силер эмнени көрүп турасыңар? Силердин оюңар боюнча бул картинанын аталышы кандай болушу мүмкүн?

Согушка байланышкан чыгармалар майдан жанрына кире турганын эсибизден чыгарбайлы. Согуш бул кайгы-капа, орду толгус жоготуу экендигин орустун белгилүү баталист-сүрөтчүсү Василий Верещагиндин дүйнө жүзүнө белгилүү болгон «Согуштун апофеозу» деген чыгармасында даана берилген.

Сүрөтчү өзүнүн картиналарына эч качан суктанган эмес. Анын иштеринин трагедиялуулугу эмне айтылгандыгында эмес, кантип айтылгандыгында. В. Верещагин дилгерлүү окумуштуу, изилдөөчү, тарыхчы, аскердик репортёр андан кийин гана сүрөтчү катары согуштук аракеттердин жүрөгүнө чейин кире алган. Ал салгылашуулардын жөн эле байкоочусу болбостон, анын түздөн-түз катышуучусу болгон. Өзүнүн эр



«Сепилдин дубалынын жанында». *В. Верещагин (1871)*



«Саякбай». *Эмил Токталиев*

жүрөктүүлүгү менен үлгү болуп, даана согуштук репортер-баталист кандай болуш керектигин көрсөтө алган.

Василий Верещагиндин кыргыз жергесине келип аткарган көптөгөн чыгармалары бар. Алар кандай аталып, эмнелер сүрөттөлгөнүн өз алдыңарча иликтеп таап, даярданып, эмдиги сабакта айтып бересиңер.

Башка сүрөтчүлөрдөн айырмаланып, кыргыз эли байыртадан ыйык, улуу адамдардын жүзүн эч качан ачып сүрөттөбөгөндүгүн Эмил Токталиевдин «Саякбай» деген чыгармасынан көрүүгө болот. Манас эпосунун ар бир сабын чечмелеп жан киргизип, андагы каармандар менен бирге жашап, бирге узаган улуу манасчы Саякбай Каралаевдин жарадар болгон Манас атабыздын жанында сүрөттөлгөнү өтө таасирдүү берилген.

1941-жылдын 16-ноябрь айында Москваны фашисттик баскынчылардан коргоо учурунда Дубосеково разъездинде генерал Панфиловдун дивизиясынан 28 согушкери душмандын



«Гвардиячы-панфиловчулардын эрдиги» (*фрагмент*). *В. Е. Памфилов*

жыйырмадай танкаларын талкалап, немистердин чабуулун токтотушкан. Бул салгылашуу бүт өлкөгө «28 панфиловчунун эрдиги» деп белгилүү болгон. В. Е. Памфилов «Гвардиячы-панфиловчулардын эрдиги» картинасынын фрагменти бул

салгылашуудагы советтик аскерлердин эрдигин жана баатырдыгын даңазалайт.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Аскердик темада тартылган сүрөт кандай аталат?
   а) бейне жанры; б) картина;
   в) майдан жанры; г) перспектива.
2. В. Верещагин тарткан согуштук темадагы картинанын аталышы кандай?
   а) «Согуштун апофеозу»;
   б) «Гвардиячы-панфиловчулардын эрдиги»;
   в) «Согуштан кат».
3. Кайсы сүрөтчүлөр майдан жанрындагы иштерди аткарышкан?
   а) Микеланжело; б) Леонардо да Винчи;
   в) Ж. Үмөтов; г) П. Пикассо.
4. Манас китебин иллюстрациялаган сүрөтчү ким?
   а) Т. Герцен; б) И. Айвазовский; в) Ю. Пименов.

**Тапшырма**

«Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде» деген теманын негизинде композиция түзүп, өз алдыбызча теманын үстүндө оюбузду чагылдырган эскиздерди түзөбүз.

*Кийинки сабакта*

Ар бир аткарылган эскиздер боюнча суроо-жооп ирээтинде талкуу жүргүзүп, каталарды оңдоп, толуктоо иштерин жүргүзөбүз. Карандаш менен аткарылган иштерге өң-түс берип, аткарылган иштерди биргелешип баалайбыз.

## *6–7-сабактар*

## Апалар үчүн майрамдык белектер

Баарыбызды жарык дүйнөгө алып келген биздин ата-энелерибиз. Бизге дайыма камкордук көргөн алтын апаларыбыздын эмгеги баа жеткис. Апаларыбыздын бизге кылган эмгегин ар дайым баалап, жакшы окуп, айттырбай билип, колдон келген жардамдарды берип, капа кылбай кубаныч тартуулап турушубуз керек.

*Атыңдан кагылайын алтын апа*
*Алыста жүргөнүмө болбо капа*
*Максаты – ар бир жаштын билим алуу*
*Азыркы гүлдөп турган ушул чакта*

Бул ыр саптарында эмнелер баяндалган. Чыгарманын аталышы кандай? Сөзү жана музыкасы кимдердики?

Жаңы ишти аткаруунун алдында мурунку сабактарда алган маалыматтарды эске салуу максатында тесттик тапшырмаларды аткара кетели.

1. Майдан жанрын иштөөдө эмнени туура аткаруубуз керек?
   а) перспективалык кубулушту;
   б) бейнелерди туура тартуу;
   в) композиция жана компоновканы.

2. Майдан жанрында кайсы сүрөтчү көбүрөөк чыгармаларды жараткан?
   а) И. Шишкин; б) В. Верещагин; в) Л. Ильина.

3. «16-жылдагы падышачылык өкмөтүнө каршы көтөрүлүш» деген чыгарманы ким тарткан?
   а) С. Чуйков; б) А. Михалев; в) С. Акылбеков.

Айрыкча майрам күндөрү апаларыбызга өз колубуз менен даярдаган белектерди тартуулоо өтө баалуу. Декоративдүү өнөр деген терминди кездештирип эле жүрсөңөр керек. Бирок, ал сөз эмнени түшүндүрөөрүн билесиңерби? Кооздогуч, кооздоо үчүн колдонулуучу деген ойду түшүндүрөт. Декор деген сөз французча (decor – кооздоо) – системалуу, үлгүлөрдүн негизинде, декоративдүү элементтердин жардамы менен көркөмдөп, долбоорлоп кооздоо, жасалгалоо иштерин жүргүзүү дегенди түшүндүрөт.

Куруктын (аппликация) көп түрлөрү бар экендигин 4–5-класстардан таанышкансыңар. Алардын айрымдарын унутуп калбас үчүн жаз менен кошо жадырап жайнап келген 8-март жана Нооруз майрамдарына карата белектерди даярдоодо колдонолу. Курак ыкмасында түркүн түстөгү кагаз менен кандай ыкмаларды колдонуп, кооздуктарды жараттык эле. Ал ыкмалар кандайча аталат? (айрис фолдинг, квилинг, коллаж ж. б. ).

Эми ошол курак ыкмаларды колдонуп, майрамдык маанай тартуулаган белектерди даярдайлы.

**Тапшырма**


1-сабак: Даярдай турган белектин эскизин түзүү.

2-сабак: Даярдалган эскиздин негизинде тандаган техника менен курак иштерин бүткөрүү.

Түрдүү көрсөтмөлөрдү иштөөдөгү ыкмаларды көрүү, талкуулоо.










Ар кандай курак ыкмасында аткарылган иштер

**Практикалык иш** (тема 2 саатка ылайыкталган)

*1-сабак.* Окуучулар гүлдүн түрлөрүн жасоону өздөштүрөт. *I вариант*:

**Лотос гүлүн жасоо**

Классикалык оригами ыкмасында Лотос гүлүн жасоодо квадрат формасындагы бир барак кагаз керектелет. Кагаз канчалык чоң болсо ошончолук жакшы болот. Анткени, гүлдү жасоонун ар бир этабында кагаздын өлчөмү кичирейгенден



кичирейип, натыйжада сызыкчалар ичкерип бүктөгөнгө ыңгайсыз болот.

Лотос гүлүн кагаздан жасоонун классикалык схемасы

2-сабак: Окуучулар менен бирдикте куттуктоо баракчаларын жасоонун түрүн үйрөнөбүз.

*II вариант.* Айрис фолдинг ыкмасында мурда жөнөкөй гүлдөрдү жасап келсек, эми үлгү катары сүрөттө берилгендей бир аз татаалыраак композицияларды түзүп үйрөнөлү.

## Бышыктоо жана жыйынтыктоо бөлүгү

### Бышыктоо үчүн суроолор:

1. Квилинг ыкмасын айтып бергиле?
2. Куттуктоо баракчалары (открытка) жана чакан белектерди жасоодо кандай ыкмаларды үйрөндүңөр?
3. Композиция жана жайгаштыруу (компоновка) кооздуктарды даярдоодо кандайча берилген?
4. Ар бир окуучунун иштерин талкуулоо.
5. Айрис фолдинг ыкмасынын өзгөчөлүгүн түшүндүрүп бергиле.

**Билимди баалоо:** жекече жана топ менен баалоо.

**Үйгө берилген тапшырма**

1. Гүлдөрдүн түрүнөн түрдүү ыкмада композиция түзүп келүү.
2. Түрдүү формада контрасттуу түстөрдү кошуп, куттуктоо баракчасын жасап келүү.

## *8-сабак*

## Жазгы маанай

Пейзаж жанры – бейне, майдан (согуштук) жана диний сүрөттөө өнөрүнө салыштырмалуу кийинчерээк келип чыккан. Анын көп түрдүү багыттары тез өнүгүп, көркөм өнөрүндөгү элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон сүйүктүү жанрлардын бири болуп калды.

«Суусамыр» картинасында Данакан Адашканова кантип жомоктогудай жана ошону менен бирге Суусамырдын сулуу-



«Суусамыр». *Д. Адашканова*



Кызыл карагайлуу токойдогу таң. *И. Шишкин*

лугун жана анын талаа гүлдөрүнүн жытын жандуу бере алгандыгына көрүүчүлөрдүн сезими көтөрүлүп, суктанышат.

Жаратылышты тартуунун деңгээлин жогорку тепкичтеги устаттыкка жеткирген орус сүрөтчүсү И. И. Шишкин эсептелет.

Тарткан картиналарын фотографиялык тактыкта көрсөтө алган пейзажист дарактардын кабыгын, жалбырактарын, гүлдүн сабактарын, чөптөрдү так өзүндөй, ар бир майда нерселерине чейин сүрөттөй алган. Эпикалык пейзажда көрүүчүлөрдү дүрбөлөңгө, кубанычка салса, лирикалык пейзажда тескерисинче тынчтыкты чагылдырып, жаратылыш уктап жаткандай сезим калтырат. Мындай чыгармалардын катарында А. К. Саврасовдун «Чаар каргалар учуп келишти» деген чакан чыгармасын карасак болот.

Бул картина лирикалык пейзаждын заманын ачкан сүрөт.

Пейзажист – бул чыныгы сүрөтчү, анткени ал тазалыкты, тереңдикти жана көркөмдүктү сезет. Көркөм сүрөт өнөрүндө пейзаждын орду чоң.



«Чаар каргалардын учуп келишти». *А. Саврасов*

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

- Буга чейин пейзаж жанрындагы кандай чыгармалар эсиңде калды. Ал чыгарма пейзаж жанрынын кандай түрүнө кирет?



«Жазгы ачык күн». *К. Юон*

- Пейзаж жанрын тартууда кандай эрежелерди сактообуз зарыл?
- Жазгы маанайды чагылдырууда эмнени эске алабыз?

Пейзаж жанрында эң негизги жетишкендик – жаратылышты сүрөттөп тартууда пейзажисттин чеберчилиги. Ал аткарган чыгармасы аркылуу өзүнүн ички сезимдерин чагылдыргандыгын көрүүгө болот.

Бул укмуштуудай керемет чыгармалар ар түрдүү сүрөтчүлөр тарабынан аткарылгандыктан алардын стилдери жана аткарган көркөм каражаттары ар башка. Бирок баардыгынын башын бириктирген – жаз темасы. Сүрөттөрдөгү жазгы пейзаждар, андагы гүлдөр, жашообуздун ар бир көз ирмеминдеги жаздын кереметинин сулуулугу сүрөттөлүп, жан дүйнөбүзгө кубаныч тартуулайт. Чынында эле жаз мезгили кандай сулуу!

Жаз кереметин жалгыз эле живопись жанрында түстөр менен аткарабыз десек жаңылышабыз. Сүрөт өнөрүнүн дагы бир түрү болгон силуэт (сөлөкөт, караан, көлөкө) түрүндө аткарылган айрым иштерди карап көрөлү.

## Практикалык иш



Жазгы маанайды чагылдырган сүрөттөр

Келгиле балдар, окуу китебиңердеги табышмакты окуп, жообун табалы.

*Ак коюм кетип, кара коюм келди.*
*Бири ак ат,*
*Бири кара ат,*
*Биринин соңунан бири чуркап,*
*Жыл сайын куушат.*

*Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,*
*Аскасы көк асманга тийген кезде.*
*Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*
*Кучактайм ой кырларын нурга кошо.*

Бул ырдын аталышы кандай? Бул ыр саптарынын сөзү жана музыкасы кимдики? Кимдердин аткаруусунда угуп жүрөсүңөр?

Эми баарыбыз көзүбүздү жумуп, жаз деген сөздү укканда эмнелерди элестетебиз. Жазгы маанайдагы чыгарманы сүрөттөп чагылдырууда буга чейин колдонуп келген түрдүү техника менен аткарсак болот.

Ар бир окуучу өзүнө жаккан көрүнүштү натурадан же элестетип тартса болот. Пейзаж жанрындагы ишти аткарууда перспективаны жана деңгээл сызыгын эске алуу керек. Негизги жана кошумча түстөрдү палитрага кошуп табуу зарыл.

**Тапшырма**

Интернет булактарынан жогорудагы чыгармалардын аталышын жана авторлору ким экендигин бил. Мындан сырткары дагы кандай чыгармалар сага жакканын айтып бер.


Айлана-чөйрөңдөгү жаз мезгилин сүрөттөгөн эскиздерди түз. Аткарылган иштерге өзүңдөй кылып тиешелүү түстөрдү туура таап, түстүү боёктор менен боёп бүтүр.

### *9-сабак*

## Анималистикалык жанр. Жаныбарлардын кыймыл-аракеттерин сүрөттө чагылдыруу

Анималистика француз тилинен «animale» – жаныбар деген маанини түшүндүрөөрүн унутпасаңар керек. Сүрөт өнөрүндө анималистикалык жанрлардагы чыгармалар ар түрдүү мезгилдерге туура келет. Буга мисал катары жергебиздеги ачык асман алдында сакталып калган таштардын бетиндеги жаныбарлардын сүрөттөрү далил.


Байыркы заманда адамдардын жашоо-турмушун, тиричилигин жаныбарлар менен күн көргөндүгүн таштардын бетинде чегилген сүрөттөрдөн көрүүгө болот. Жаныбарларды сүрөттөп




Графикалык каражаттар менен аткарылган сүрөттөр



Саймалуу-Таш. *Фото*



Жаныбарларды тартуунун этаптары





Жаныбарларды тартуунун этаптары

тартууда жайгаштыруу, форма, симметрия, пропорция, динамика, силуэт, эскиз, түс жана тон деген терминдердин маанисин жана аларды кандай учурларда колдонуу керектигин билебиз.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

- Анималисттик жанрда эмнелер сүрөттөлөт?
- Жаныбарды сүрөттөп тартууда кандай ирээттүүлүктү сакташ керек?
- Анималисттик жанрдагы кайсы сүрөтчүлөрдүн иштерин билесиң?

Азыркы практикалык ишти аткарууда өзүңөргө жаккан жаныбарлардын сүрөттөрүн тартууда жогоруда айтылгандарды эске алуу иштин сапатына сөзсүз таасирин тийгизет. Жаныбарды өзүнөн же сүрөтүнөн көрүп тартканда алгач бир шилтем ыкмасында темага ылайык кыймыл-аракеттерин чагылдырган эскиздерди түзүү керек. Андан соң төмөнкү сүрөттөрдөгү жаныбарлардын сүрөттөрүн этап менен түзүп, алардын өзгөчөлүгүн эске алып, тартуунун жолдорун өздөштүрүү керек.

Бул сабакта алгач графикалык түзүү иштеринде колдонулган жардамчы сызыктарды өчүргөндөн кийин боёп сүрөттү аягына чыгарабыз.

### *10-сабак*

## Нооруз – жаңы күн майрамы. Майрамдык маанайды чагылдырган композиция

Нооруз мындан үч миң жыл мурун эле майрамдалып келгендиги айтылат. Чыгыш календары боюнча 20–22-март же күн менен түндүн теңелген учуру Нооруз катары белгиленген. Жакынкы Чыгыш жана Борбордук Азиянын дыйкандарынын майрамы катары тарыхта белгилүү. Майрамдын түпкү теги Иранда, атактуу Күн кудайы Заратуштура менен байланыш-





Майрамдык белектер

туу. «Навруз» фарс тилинен кыргызчага которгондо «жаңы күн» дегенди билдирет.

Нооруз күнү кыргыздар сүмөлөк даярдап, көжө бышырып, боорсок жасап, мал союп, улуттук түрдүү тамак-аштар баарына жеткидей арбын даярдалып, дасторкон жайган. Дасторкондон кийин оюн-зоок башталган.

Бул күнү үйлөрдү тазалап, талаш-тартыш болгондор жарашып, карыздарынан кутулушкан, жашаган жерлерин арча, чекенди, адырашман түтөтүп аластаган.

Кандай гана майрам болбосун, андагы маанайды чагылдырган композиция түзүүдө ал майрамдын башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгү көңүлдүн борборунда болуусу зарыл. Нооруз майрамын сүрөттөөдө улуттук өзгөчөлүктөр эске алынып, кийимдер, колдонулуучу буюмдар, оюмдар туура тандалышы керек. Майрамдык композицияны түзүүдө буга чейинки көркөм сүрөт өнөрү боюнча топтолгон тажрыйбалар практика-



Нооруз майрамын тосуу

лык иштерде колдонулушу керек. Ойлогон ойду тегиздик бетинде жарашыктуу жайгаштыруу менен жылуу түстөрдү туура колдоно билүү зарыл.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

- Жансыз нерселердин жардамы менен ойду түшүндүргөн сүрөттөгү чыгармалардын түрү кандайча аталат?
- Тегиздик бетинде сүрөттөп тартууда ишти эмнеден баштоо керек?
- Майрамдык маанайды эмнелердин жардамы менен билдирсе болот?

**Тапшырма**

Майрамдык маанайдагы композицияга эскиз түзүү.

# IV ЧЕЙРЕК

### *1–2-сабактар*

## Түстөрдүн жашоо-турмушубуздагы орду жана мааниси. Түстөр аркылуу түрдүү образдардын берилиши

Түстөр жана алардын мааниси боюнча маалыматтарды буга чейинки сабактарда алгансыңар. Түстөргө байланыштуу төмөнкү таблицалар боюнча эмнелерди эске салсак болот.

Булар негизги жана кошумча түстөр, жылуу жана муздак, ахроматикалык жана хроматикалык түстөр.

Кыргыз эли байыртадан эле түстөргө терең маани беришкен. Аларды жашоо-тиричилигинде кеңири колдонуп, жан дүйнөсүндөгү ой-туюмун чагылдырып бере билүүнүн бирден-бир каражаты катары пайдаланып келишкен.


Элибиздин басып өткөн жолу, каада-салты менен кайгы-кубанычы комуз күүлөрүндө кандай берилсе, көркөм өнөрүндө жергебиздин керемети, табиятыбыздын кооздугу түркүн түстөр аркылуу ошондой эле туюндурулган.

Көркөм сүрөт искусствосунда түстөр негизги жана кошумча болуп экиге бөлүнсө, байыртадан кыргыз эли беш түстү негизги түс катары эсептеген, алар: ак, сары, кызыл, көк, кара. Жашыл түс жаратылышта көп кездешип, көркөм өнөрдө кеңири колдонулганы менен жалпы жонунан көк түс деп аталган. Ал эми кошумча түстөр негизги түстөргө бири менен экинчиси (же үчүнчүсүнө) жуурулуп кошулуусунан пайда болот.

Жылуу түстөр



Муздак түстөр



Негизги жана кошумча түстөр

Өткөн теманы унутпоо үчүн кайталап тесттик тапшырмаларды аткара кетели.

1. Тийгизген таасири боюнча түстөр кандай бөлүнөт?
   а) негизги; б) жылуу жана муздак; в) ачык жана караңгы.
2. Жаныбарларды тартуу сүрөт өнөрүндө кандай аталат?
   а) майдан; б) картина; в) анималисттик; г) декоративдик.
3. Живопись өнөрү бизге эмнени үйрөтөт?
   а) табиятты; б) түстөрдүн айкалышын; в) кооздукту.

Буга чейин түстөргө байланышкан түрдүү техникадагы иштерди аткарып келсек, эми бул сабакта жаңы ыкмадагы ишти аткарып көрөлү. Ал ыкма *граттаж* деп аталат. Граттаж *qratter* – деген сөздү француз тилинен алып которгондо кыра чийип, сүрөттөп тартуу дегенди түшүндүрөт.

Граттаж техникасы – бул түрдүү түстөр менен үстү-үстүнөн капталып боёлгон баракты же картон кагазды учу бар калемсап же учу учтуу каражаттар менен кыра чийип сүрөт тартуу ыкмасын айтабыз. Бул ыкманы айрым учурларда воскография деп аташат.

Алля-прима (alla prima) итальян тилинен которгондо мааниси бир отурум менен бир сессиянын ичинде бүтүрүлүүчү чыгарма деген маанини түшүндүрөт. Сүрөтчүлөр бул ыкманы сууланган кагаз бетине тартуу деп коюшат. Бул ыкма графикалык каражаттар менен иштөөдөгү «бир шилтем» ыкмасына окшошуп кетет. Мисалы, Орозобаев Алайбектин «Кеч күз» деген чыгармасынан кара шамалдын күчүнөн ийилип, ыргалган





Граттаж техникасында аткарылган чыгармалар

зор даректарды көрүп, улуган шамалдын үнүн сезүүгө болот. Ошол эле мезгилде заматта өзгөрүлүп турган аба-ырайынын абалы акварель боёгунан тиешелүү түстөрдү таап, ыкчам сүйкөмдөрдүн жардамы менен сүрөттөп берилгендигин байкоого болот. Алля-прима ыкмасында иштээрде кагаз бетине эмнелер сүрөттөлөөрүн билинээр-билинбес сызыктар менен белгилеп алабыз. Андан соң жалпы кагаздын бетин суулап



«Кеч күз». *А. К. Орозобаев*







Алля-прима ыкмасында аткарылган эскиз

алабыз. Боёгондо боёктор бир жерде уюп калбагандай кагазды бекиткен планшетти кыйгачыраак кылып жайгаштырганыбыз ыңгайлуу болот, эгер тикесинен жайгаштырсак боёктор агып ишке тоскоол болот. Кагаз бир аз тоборсугандан кийин боёо иштерин ыкчам жүргүзөбүз. Айырмалай турган жерлерин төмөнкү сүрөттөрдө көрсөтүлгөндөй кылып, кагаз бетиндеги боёкторду өтө кургатпай жүргүзсөк болот.

Акварель боёгу менен аткарылган иш кургагандан кийин атайын айнектелген алкакка (рамкага) салсак жарашыктуу көрүнүп, көпкө чейин сакталат.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**
- Түстөр кандай түрлөргө бөлүнөт?
- Майрамдык маанайды чагылдырган түстөр кайсылар?
- Түстөрдүн адамдарга тийгизген таасири кандай?

**Тапшырма**

Бүгүнкү сабакта таанышкан эки ыкманын кайсынысы жакты, ошол техниканы колдонуп, каалаган жанрда ой чабытыңдагы чакан бир чыгарманы аткар.

### *3–4-сабактар*

## «Күндүн желеси», жазгы пейзаж

Мурунку сабактарда түстөр боюнча маалымат алганбыз. Дегеле түстөр дүйнөсүн талдап келгенде бардык түстөрдүн башаты элибизде ак түс деп жөн жерден айтылбаса керек. Ак түстү кыргыз эли ыйык тутуп, жогору баалаган жана тазалыкты, жакшылыкты ак түскө салыштырып сүрөттөшкөн. Мисалы, ак эмгек, ак жол, ак бата ж. б. Буга табияттан алынган кубулуштарды мисал кылсак болот, Күндүн нурун «ак жарык» деп аташат. Жамгырдан кийинки суу бүртүкчөлөрүнүн күндүн нуруна чагылышып, түстөрдүн айрымдары бири-бирине айкалышып пайда болгон жети түстү «Асан-Үсөн» (Күндүн желеси) деп аташкан. Түстөрдүн айкалышынын керемет кооздугу буга далил. Мындай кубулуштарды шаркыратмалардын, фонтандардын жанынан, күндүн нурларынын чагылуусунан көрүүгө болот.

Чын-чынына келгенде «Асан-Үсөндөгү» түстөрдү сүрөттөн көрбөй туруп, түстөр кандай жайгашарын сурасаңар көпчүлүгү билбейт. Ошондой эле асман кандай түстө болот деп су-



Күндүн желеси. *Фото*






роо берсеңер, көпчүлүк учурда көк түстө деген жооп угасыңар, чындыгында андай эмес. Сүрөттөгү куштар учуп бараткан асман мейкиндигин карап көрөлү. Асман кандай түстө? (кызгылтым сары, кара күрөң, ак, ачык көгүш жана кочкул көгүш). Туура, табияттагы бардык нерселердин өңү жарыктын таралышына жараша түстөрү өзгөрүп турат.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

1. Пейзаждагы перспективаны эмнелерден улам баамдаса болот?
2. Пейзаж жанрында кайсы чыгарма эмнеси менен жагат?
3. Түстөрдү ирээти менен санагыла.





**Тапшырма**

Жазгы табияттын ар кандай абалдагы көрүнүшүн сүрөттөгөн чыгарманын графикалык сүрөттөлүшүн аткар. Эгер пейзаж тартсаң аба перспективасын колдонуу менен Күндүн желесин сүрөттөп тарт. Жакын нерселерди чыныгы чоңдукта, улам алыстаган сайын көлөмдү кичирейтип тартуу эрежелерин эсиңден чыгарба.

Кийинки сабакта бул тапшырманы аткарууда көркөм каражаттардын каалаган түрүн колдонуп иште. Иштин жыйынтыгын чакан көргөзмө уюштуруп талкуулагыла.

## *5–6-сабактар*

## Талаа гүлдөрү. Натюрморт

Талаа гүлдөрү кооз, түркүн түстүү боёк менен атайылап сүрөттөп тарткандай табиятыбыздын көркүнө көрк кошуп турат. Жаз, айрыкча жай мезгилинде талаа гүлдөрү жапырт гүлдөп, жыпар жыты буркураган мезгили өзүнчө эле керемет.

Ар бир гүлдүн аты, формасы, түсү жана жыты бири-бирине окшобогондугун байкасаңар керек. Сүрөт өнөрүндө талаа



гүлдөрүн өзүнөн көрүп же натюрморт жанрында чагылдырган өнөр инсандардын айрым гана чыгармаларына токтолдук. Эгер аларды маалымат каражаттарынан иликтесеңер абдан арбын жана кызыктуу. Талаа гүлдөрүн өзүнөн көрүп, сүрөтүн тартып, алардын ажайып кооз элесин убактылуу эмес, силердин окуу китебиңердеги сүрөттөрдөгүдөй түбөлүктүү кылып сүрөттөп тартуудан рахат алып, көрүүчүлөргө кубаныч тартууласаңар болот.

Талаа гүлдөрүн жаратылышта же натюрморт жанрында сүрөттөп тартууда алардын жердигинин (фонунун) туура

тандалышы өтө маанилүү экендигин сүрөттөрдөн байкасаңар керек. Ошондон улам кандай гана нерсени сүрөттөп тарт-пайлы мүмкүн болушунча алдынкы план жана арткы план дебей экөөнү бирдей контрасттуулукту эске алып, айкалыш-тырып аткарылса чыгармабыз жандуу болот.

Чыгарманын композициялык түзүлүшү бардык сүрөт өнөрүнүн түрдүү тармактарында кеңири колдонулат. Мында сүрөттөп бере турган негизги ойдун маанисин ачып берүү үчүн ар бир сызык, түрдүү түстөрдөгү боёк шилтемдери ар-кылуу сүрөттөлгөндөрдүн бардыгы биригип, бир бүтүндүктү жаратуусу зарыл.







Китепте берилген талаа гүлдөрүн сүрөттөп тартууда ар бир сүрөтчүнүн чыгармаларынан бири-бирине окшобогон композициялык түзүлүштү байкагыла.

**Бышыктоо үчүн суроолор:**

- Натюрморт тартууда ишти эмнеден баштоо керек?
- Композиция түзүү деп эмнени айтабыз?
- Натюрморт жанрындагы дагы кандай сүрөтчүлөрдүн иштерин билесиң?

Талаа гүлдөрүнөн гүлдестелерди жакшы көргөн адамдарга айрыкча сүрөтүн тартып белек кылсаң кандай сонун.

**Тапшырма**

Күн мурунтан талаа гүлдөрүнөн даярдалган гүлдестелердин мыктысын тандап, сүрөт кабинетиндеги көрүп тартууга ыңгайлуу жерлерге вазаларга салып, кошумча нерселер менен толуктап, натураны түзгүлө.

Тегиздик бетинде сүрөттөп тартуунун негизги мыйзамдарын, эрежелерин сактап, ирээти менен графикалык ишти аткаргыла.

Андан кийин жарыктын таралышын эске алып, жарык жана көлөкө жерлерин белгилеп, түстөр менен боёйбуз.

Талаа гүлдөрүнүн түрүн сүрөттөп тартуу менен эле чектелбестен түстүү барактардан буга чейин үйрөнгөн түрдүү ыкмаларды колдонуп, композиция түзсөк болот.

## *7–9-сабактар*

## Эркин темада көлөмдүү композиция түзүү

Жергебиз тарыхый мурас, эстеликтерден башкаларга салыштырмалуу уучу кур эмес. Дүйнөнү дүңгүрөткөн «Манас» эпосу, байыркы доордун турмуш-тиричилигин чагылдырган ачык асман алдындагы «Саймалуу-Таш» галереясы. Ошол байыртадан калган мурастардын негизинде өнүгүп-өрчүгөн көркөм чыгармачылык, көптөгөн уникалдуу эстеликтер бизге чейин сакталып жетти.

Эми мурункулардын учугун улап, көздүн карегиндей сактап, андан ары азыркы мезгилге шайкеш улантуу, улам жаңыларын жаратуу, өнүктүрүү – биздин милдетибиз.





Бедиздик иштер жумуру, тоголок жана жарым көлөмдүү, жалпак болуп экиге бөлүнөт. Жарым көлөмдүү, тегиздик бетинде аткарылган бедиздик иштер ***рельеф*** деп аталат.

Рельеф ич ара барельеф, горельеф болуп болуп бөлүнөөрү буга чейин айтылган. Жасаган нерсенин тегиздик бетинен жарымы же жарымынан азы чыгып турса ал ***барельеф***, ал эми сүрөттө берилген чыгармадагыдай жарымынан көбү чыгып турса ***горельеф,*** оюлуп киргизилген рельефти ***контррельеф*** болуп эсептелээрин унутпасаңар керек.

Бул эмгектер кыргыз элинин белгилүү бедизчиси Тургунбай Садыковдун чебер колунан жаралган. Бишкек шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп турган Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын алдында тургузулган





«Манас» комплексинен көрүп турасыңар. Манас атабыз Аккуласын минип, бийикте бара жаткандыгы асман жана булуттар менен айкалышып, сыйкырдуу күч берип турат.

Комплексте берилген каармандардын ичинен Манастын тууганы эпосто караңгыда жол тапкан, эң кыйын учурларда туура кеңешин айтып, чечим чыгарган. Эпостогу каармандардын, ошондой эле Манас атабыздын Бакай аксакалдын айткан кеңештерин уккандыгын окуган чыгаарсыңар.


**Бышыктоо үчүн суроолор:**

- Бедиздин дагы кандай түрлөрүн билесиң?
- Бедизди жасоодо жергиликтүү кандай каражаттарды колдонсок болот?

Азыр ар бириңер өзүңөргө жаккан өтө татаал эмес, көлөмдүү композиция түзүү үчүн жаныбарды тандагыла. Алгач окуу китебиңерде мисал катары берилген коёндун сүрөтүндөй кылып, графикалык сүрөтүн тартып алгыла.

Төмөндө берилген сүрөттөгүдөй жаныбардын тулку-боюн, калган мүчөлөрүн симметриялуулукту сактап, көлөмдүү жасап бириктиргиле.

Акырында көлөмдүү композициябызды биз жасаган жаныбардын жашаган чөйрөсүнө тиешелүү айрым элементтерди кошумчалап, ишибизди жыйынтыктайбыз.







**Тапшырма**

*1-сабакта.* «Менин сүйүктүү жаныбарым» деген темадагы көлөмдүү композицияга алгачкы эскиздерди түзгүлө.

*2-сабакта.* Тандалган чыгарманын каармандарынын болжолдуу элеси чагылдырган фигураларды жасагыла.

Бул сабакта мурдагы сабактарда аткарылган иштерди тегиздик бетинде жарашыктуу жайгаштырып, композициялык ишти жыйынтыктагыла.

*3-сабакта.* Түрдүү формадагы таштарды таап, кызыктууларын тандап алабыз. Ал таштардын бетине, формасына, түсүнө шайкеш келген окуу китебиңерде берилген сүрөттөрдөгүдөй чыгармачылык иштерди аткарабыз.





Сабактын акырында аткарылган иштердин көргөзмөсүн уюштурабыз.

# МАЗМУНУ

## I ЧЕЙРЕК

*1–2-сабактар.* «Эмгек баарынан улук». Көркөм өнөрдүн күндөлүк жашоо-турмуштагы орду ....4
*3–4 сабактар.* Натюрморт жанры. Буюмду өзүнөн карап сүрөт тартууну өнүктүрүү ....10
*5–6-сабактар.* Пейзаждын түрлөрү ....15
*7–9-сабактар.* «Күз берекеси» ....21

## II ЧЕЙРЕК

*1–3-сабактар.* Жашоо-турмушубуздгы оюмдар дүйнөсү ....25
*4–5-сабактар.* Табият жана архитектура. «Менин келечектеги үйүм, айылым, шаарым» ....37
*6–7-сабактар.* Жаңы жылдык жасалгалар ....47
*8–9-сабактар.* Белгилүү сүрөтчүлөр жана алардын чыгармалары ....53

## III ЧЕЙРЕК

*1–2-сабактар.* Бейне (портрет) жанры ....58
*3–4-сабактар.* Адамдын тулку-бою ....68
*5-сабак.* Майдан жанры. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» ....71
*6–7-сабактар.* Апалар үчүн майрамдык белектер ....75
*8-сабак.* Жазгы маанай ....80
*9-сабак.* Анималистикалык жанр ....85
*10-сабак.* Нооруз – жаңы күн майрамы. Майрамдык маанайды чагылдырган композиция ....88

## IV ЧЕЙРЕК

*1–2-сабактар.* Түстөрдүн жашоо-турмушубуздагы орду жана мааниси. Түстөр аркылуу түрдүү образдардын берилиши ....90
*3–4-сабактар.* «Күндүн желеси», жазгы пейзаж ....94
*5–6-сабактар.* Талаа гүлдөрү. Натюрморт ....96
*7–9-сабактар.* Эркин темада көлөмдүү композиция түзүү ....98

О к у у б а с ы л м а с ы

**Акматов Дамирбек Абыласанович,**
**Орозобаев Алайбек Керимович**

**КӨРКӨМ ӨНӨР**

6-класс

Жалпы билим берүүчү мектептер
үчүн окуу китеби

Редактору *С. С. Дуулатова*
Корректору *К. А. Мамыркулова*
Техн. редактору *В. В. Крутякова*
Көркөм редактору *Д. Тимур*
Дизайнери *Б. Тимуров*

Терүүгө 12. 01. 2018-ж. берилди. Басууга 25. 06. 2018-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Форматы 70х100$^{1}/_{16}$. «Мектеп» ариби.
Көлөмү 6,5 физ. басма табак. Нускасы 68 300. Заказ №

«Билим-компьютер» басмасында даярдалган.
720031, Бишкек ш. , С. Ибраимов көчөсү 24, 409.